ӨНУКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE











**А. Джунушалиева**
**Ж. Керимова**
**К. Турганбаев**

# Айылдык ден соолук комитеттери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

## *жергиликтүү жамааттын пайдасына өнөктөштүк*

Кыргыз Республикасынын муниципалитеттеринин мисалында АДК менен ЖӨБ ортосундагы өз ара аракеттенүү усулдары боюнча практикалык окуу китеби

GLOBAL PARTNERSHIP FOR SOCIAL ACCOUNTABILITY

**Бишкек**
**Өнүктүрүү саясат институту**
**2016**

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1
Д 42

**Жалпы редакция: Н. Н. ДОБРЕЦОВА**
**Автордук топ: А. ДЖУНУШАЛИЕВА, Ж. КЕРИМОВА, К. ТУРГАНБАЕВ.**

**Д 42** Айылдык ден соолук комитеттери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу: жергиликтүү жамааттын пайдасына өнөктөштүк: практикалык окуу китеби / А. Джунушалиева, Ж. Керимова, К. Турганбаев – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2016. – 90 б.

ISBN 978–9967–11–574–3

Бул практикалык окуу китеби жергиликтүү жамааттардын туруктуу жергиликтүү өнүгүүгө жетүүсүндө Айылдык ден соолук комитеттеринин атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын да, жергиликтүү жамааттардын өзүнүн да ролун көз көрүнөө чагылдырып турат. Кайдыгер карабаган жигердүү жарандардан турган демилгелүү топторду түзүү менен, жамааттар өз үнүн жергиликтүү бийликке жеткирип, өнүгүүгө түрткү беришет. Бул процессте эң негизгиси – сүйлөшүүгө жана макулдашууга боло турган орток тил табуу. Бул окуу китеби ар бир тарапка өз ролун түшүндүрүп, биргелешкен иш – бул туруктуу өнүгүүнүн негизи экенин көрсөтүүгө жардам берет. Адатта жакшы жакка өзгөрүүлөрдү көп күчтү талап кылуучу күн сайын жасалчу жумуштун жыйынтыгы катары эмес, кырдаалдардын ийгиликтүү айкалышы катары кабыл алышат. Бирок жамаат менен ЖӨБ органы ортосундагы өз ара мамилелерди дыкат жана терең ойлонуп түзүү гана жетишкендиктерди камсыздап, жашоо шарттарын оңдоо үчүн негиз болууга жөндөмдүү.

Басылма түрдүү долбоорлордун, өзгөчө “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорунун алкагында жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жылдар бою иштешүүдөн топтолгон тажрыйбага негизделген.

Д 1203020200–16
ISBN 978–9967–11–574–3

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1

© Н. Добрецова, А. Джунушалиева,
Ж. Керимова, К. Турганбаев, 2016
© Өнүктүрүү саясат институту, 2016

Окуу китеби “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорунун каражатынын эсебинен басылып чыкты.

Бардык укуктар корголгон. Бул окуу китебин, же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда анын укук ээсине электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз: NDobretsova@dpi.kg, Office@dpi.kg

# Мазмуну

**Кыскартуулардын тизмеги** ........ **5**
**Маанилүү аныктамалар** ........ **6**
**Киришүү** ........ **10**
**АДК жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу** ........ **13**
АДК деген эмне жана анын жамааттагы ролу кандай? ........ 13
“Саламаттык детерминанттары” деген эмне жана алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши менен байланышы кандай? ........ 14
“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” деген эмне? ........ 15
Жергиликтүү маанидеги маселелерге эмнелер кирет? ........ 16
*Аймактын иштешин камсыздоого багытталган жергиликтүү маанидеги маселелер ........ 16*
*Аймактын инфраструктурасынын иштешин камсыздаган маселелер ........ 19*
*Аймактагы маданияттын, спорттун жана жаштардын өнүгүүсүн камсыздоого багытталган маселелер ........ 21*
Эмне үчүн АДК жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышат? ........ 25
**АДК жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун модели** ........ **27**
Эмне үчүн ЖӨБ органынын жетекчилигине калктын пикирин билүү пайдалуу? ........ 28
Эгерде көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттин ресурстары жетишсиз болсо, анда артыкчылыкты аныктоонун кажети барбы? ........ 31
ЖМБА деген эмне? ........ 34
ЖМБА кандай учурларда колдонулат? ........ 36
Эмне үчүн ЖМБАнын жыйынтыктарына ишенсе болот? ........ 37
ЖМБА маалында кандай иш-чаралар өткөрүлөт? ........ 37
“Биргелешкен аракеттер планы” (БАП) деген эмне? ........ 40
Биргелешкен аракеттер планын кантип иштеп чыгыш керек? ........ 42
Биргелешкен аракеттер планы кантип ишке ашат? ........ 43
Демилгелүү топтор кантип түзүлөт? ........ 44
Биргелешкен аракеттер пландарын аткарууда айыл өкмөттүн ролу кандай болот? ........ 45
Биргелешкен аракеттер планын аткарууда айылдык кеңештин ролу кандай болот? ........ 46
Биргелешкен аракеттер планын аткарууда жергиликтүү жамааттын ролу кандай болот? ........ 47

**Коомдук иш-чаралар (чогулуштар жана коомдук угуулар АДКнын жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары)....................48**
Жарандардын чогулуштарын жана жыйындарын өткөрүү канчалык зарыл?....................48
Айылдык чогулуштарда кандай маселелер каралат?....................50
Айылдык чогулуштарды ким жана канчалык тездик менен демилгелөөгө укуктуу?....................51
Калкты айылдык чогулушка катышууга кантип тартса болот?....52
Коомдук угуулар деген эмне?....................53
Коомдук угууларда кандай маселелер көтөрүлөт?....................53
Чогулуштар коомдук угуулардан эмнеси менен айырмаланат?54
Чогулуштарды жана коомдук угууларды уюштурууда жана өткөрүүдө АДКнын ролу кандай болот?....................55
**Мониторинг жана баалоо....................57**
Жарандарда мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуу укугу барбы?....................58
Биргелешкен мониторинг жана баалоо деген эмне?....................59
МжБ тобуна кимдер мүчө боло алат?....................59
Мониторинг жана баалоо боюнча топ кандай тапшырмаларды аткарат?....................61
МжБ процессинде айыл өкмөтүнүн ролу кандай болот?....................63
МжБ процессинде айылдык кеңеш кандай роль ойнойт?....................63
МжБ процессинде АДК атынан жарандар кандай роль ойнойт?....64
Мониторинг жана баалоо процессин кантип уюштурса болот?....64
Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун укуктары жана милдеттери кандай болот?....................65
**Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү саясаттын аспабы катары....................68**
Устав жергиликтүү Конституция катары....................68
Устав саламаттыктын материалдык эмес детерминанттарын башкаруу аспабы катары....................69
Устав: типтүү болуш керекпи, же жекеби?....................69
АДК устав менен кантип иштей алат?....................70
**Тиркемелер....................72**
1-тиркеме. ЖМБАны өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу айыл өкмөт башчысынын тескемесинин формасы....72
2-тиркеме. ЖМБА-сессиясынын и СИНС-фокус-группы программасынын мисалы....................73
3-тиркеме. ЖМБА-сессиясын өткөрүү тууралуу отчеттун формасы....75

4-тиркеме. ЖМБА-иш-чараларынын протоколунун мисалы........76
5-тиркеме. Айылдык чогулуштун протоколунун мисалы..............80
6-тиркеме. Бюджет боюнча коомдук угуунун протоколунун мисалы....84
7-тиркеме. ЖМБА алкагында пландоо жолугушуусу тууралуу отчетунун бөлүгү катары көйгөйдү сүрөттөөнүн мисалы................87
8-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планынын форматы.............90

# Кыскартуулардын тизмеги

**АА –** айылдык аймак – административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн.

**СПА –** суу пайдалануучулар ассоциациялары (сугат суу).

**АК –** айылдык кеңеш – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы.

**АӨ –** айыл өкмөтү – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы.

**ЖӨБЭММА –** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик.

**БМжБТ –** биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу.

**АЖМФ –** Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду.

**ӨСИ –** Өнүктүрүү саясат институту.

**МжБ –** мониторинг жана баалоо.

**ЖӨБ –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

**БАП –** Биргелешкен аракеттер планы.

**АДК –** айылдык ден соолук комитети, жамааттык уюм.

**БМжБ –** биргелешкен мониторинг жана баалоо.

**ТСКАКБ –** таза суу керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси.

**ФАП –** фельдшердик-акушердик пункт.

# Маанилүү аныктамалар

**Бюджеттик процесс –** бул бюджет долбоорлорун түзүү жана кароо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу, ошондой эле алардын аткарылышын контролдоо боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын, башка катышуучулардын укук ченемдери менен жөнгө салынган ишмердиги.

**Жергиликтүү маанидеги маселелер –** тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыздоо маселелери, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, ошондой эле жарандардын эркин түз билдирүү жолу менен чечилет.

**Шаар, айылдык аймак (АА) –** административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн.

**Жарандык катышуу –** жарандык коомдун маанилүү принциби, ал өзүнө башкарылгандарды башкарууга кошууну же тартууну (саясий, социалдык-экономикалык, маданий программаларды жана долбоорлорду талкуулоого жана иштеп чыгууга), чечим кабыл алууга таасир тийгизүүнү жана анын аткарылышын көзөмөлдөөнү, жергиликтүү жамааттын алкагында өз алдынча башкарууну камтыйт.

Жарандык катышуу жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулукту сактоо менен жүзөгө ашат.

Бул коомдун да, мамлекеттин да мындан кийинки өнүгүүсүнө тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда жарандык коом менен бийлик органдарынын ортосундагы социалдык өз ара аракеттин үзгүлтүксүз көп деңгээлдүү процесси. Бул процесс бийлик органдары менен жарандык коомдун ортосунда эки багытта тең жүзөгө ашырылат. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: катышуучулардын кабыл алуусуна, аларды маалымдоого көмөктөшкөн чаралар; пикирлерди чогултуу жана ыктымал альтернативалардын ичинен өзгөчө алгылыктуу вариантын тандоо ж.б. Бул чечим кабыл алуу процессине жа-

рандарды тартуу боюнча социалдык-саясий процесс, анын эффективдүүлүгү түздөн-түз өз ара аракеттин деңгээлин, формасын жана мүнөзүн туура тандап алуудан көз каранды.

**Жергиликтүү бюджеттин кирешелери –** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башкаруусуна түшкөн акча каражаттары.

**Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү (БКС) –** жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы калкка жеткиликтүү жана түшүнүктүү тилде даярдаган бюджеттик маалымат.

**Жергиликтүү жамаат –** администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандарынын тобу.

**Жергиликтүү бюджет –** айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат.

**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели (ЖЖӨБК модели) –** бул иш-чаралардын комплекси, ал жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууга жол берет.

**Муниципалитет –** административдик-аймактык биримдиктин территориясын; ошол аймакта жашаган калкты; ошондой эле аталган аймактагы турмуш тиричилигине байланышкан маселелерди калктын кызыкчылыгында чечкен башкаруу органын камтыган үчилтик.

**Муниципалдык менчик –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерди алуу булагы катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жергиликтүү жамааттардын менчиги.

**Коомдук угуулар –** ЖӨБ органдарынын маанилүү чечимдеринин формалдаштырылган коомдук талкуусу, бул жерде болсо жарандарга жергиликтүү бюджеттин долбоору же жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу маалымат берүү; жарандардын керектөөлөрүн эсепке алуу жана жергиликтүү бюджетке сунуштарды чогултуу үчүн керек.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары –** жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар.

**Пландоо жолугушуулары –** бул биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу, бардык кызыктар тараптардын, анын ичинде адистер менен эксперттердин пикирлерин эсепке алуу, тараптардын салымдарын аныктоо үчүн жамааттын жигердүү бөлүгү менен жолугушуулар.

**Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын финансылык жактан камсыздоого багытталган акча каражаттары.

**ЖМБА сессиялары –** бул “Картирлөө” жана “Көйгөйлөр галереясы” усулдарынын жардамы менен алгачкы маалыматты чогултуу үчүн топтор менен жолугушуулар.

**ЖМБА фокус-топтору –** бул себеп-натыйжа байланыштарды аныктоо үчүн топтордун жолугушуулары.

**Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – ЖМБА –** бул маалыматты биргелешип чогултуу, аны талдоо жана андан ары калктын түрдүү топторунун пикирлерин, кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен ишти пландоо процесси. ЖМБА – бул дайыма өркүндөп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу, алар адамдарга өз турмуштук тажрыйбасына, жашоо шарттарына талдоо жүргүзүп, топтолгон тажрыйба жана билимдерди алмашып турууга көмөктөшөт. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап алып, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалышат.

**Жыйындар –** калктын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун тикелей формасы. Бул бир көчөнүн, бир

кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган жарандардын жыйынында талкуулоо жолу менен ишке ашат. Жыйында жергиликтүү жамааттын уставына ылайык сунуштамалар же чечимдер кабыл алынат. Бул жерде: жыйында ЖМБА иш-чараларынын жыйынтыктары макулдашылып, Биргелешкен аракеттер планына толуктоолор жана сунуштар чогултулат.

**Жергиликтүү жамааттын уставы –** жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук акты менен бекитилген жана тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигине байланышкан маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын өз ара жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы мамилелеринин тартибин жөнгө салган акт. Жалпак тил менен айтканда, бул – жергиликтүү “Конституция”, анда жамаат муниципалитеттин турмушун уюштуруудагы көптөгөн маселелерди өз алдынча чечип, жамаат мүчөлөрү сактай турган эрежелерди орнотот. Кыргыз Республикасында Типтүү устав кабыл алынган, анын базасында жергиликтүү жамааттар өзүнүн уникалдуу уставдарын иштеп чыгат жана кабыл алат.

# Киришүү

Адамда өз турмушун өзгөртүүгө умтулуу пайда болмоюнча, бул нерсени башка эч ким жасай албайт. Ушул эле нерсени жергиликтүү жамааттар тууралуу да айтса болот. Жарандар күч биримдикте болгонун толугу менен баамдап, жамааттын өнүгүүсүндө жеке ролун сезгенде гана өзгөрүүлөр башталат.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” деген эмне экенин, ал айылдын же шаардын турмушунда кандай ролду ойноп турганын Кыргыз Республикасынын айрым жарандары гана жакшы түшүнөт. Көпчүлүк болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул болгону мамлекеттик бийлик системасынын кандайдыр бир тиркемеси, анын “төмөнкү деңгээли” деп эсептейт. Албетте, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жалпысынан өлкөдөгү мамлекеттик башкаруу системасынын бир бөлүгү болуп саналат. Бирок ошол эле маалда ЖӨБ – бул башкаруу системасынын таптакыр өзгөчө бир бөлүгү. Ал өзгөчө сапаттарга жана административдик, саясий жана финансылык көз карандысыздыкка ээ. Бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары башкаруунун жалпы системасынын бөлүгү бойдон кала берсе да, өз компетенциясынын чегинде чечим кабыл алууда өз алдынчалуулукка ээ болгонун билдирет. Ал отчеттуу же кандайдыр бир жогору турган мамлекеттик органга эмес, жергиликтүү калкка баш ийет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзгөчөлүктөрүн, анын мамлекеттик бийликтен айырмасын толук түшүнбөө жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен начар өз ара аракеттенүүсүнө гана алып келбейт. Андан да жаманы – мамлекетке болгон дооматын жарандар автоматтык түрдө ЖӨБ органдарына артат. ЖӨБ органдарын айрым мамлекеттик милдеттерин жана функцияларын аткарбай жатканы үчүн гана айыптабастан, ошону менен бирге аларга башкаруу системасынын мамлекеттик бөлүгүндөгү “ооруларды” да артып салат. Мисалы, мамлекеттик органдардагы коррупциянын деңгээлин байкап отуруп, жарандар паракорчулуктун ушундай эле рейтингин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына да ыйгарып коет. Муну менен коррупционердин жана бюрократ аткаминердин кейпин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрүнө да автоматтык түрдө “көчүрүп” салат. Жарандардын башкаруу тууралуу үстүрт билими гана эмес, ошону менен бирге ЖӨБ органдарында адатта байкала келчү демилгесиздиги жана шалаакылыгы да ушундай көрүнүшкө себеп болот. ЖӨБ органдарынын шалаакылыгы өзүнүн убактыларын көбүн отчет толтуруу менен

өткөргөндө жана өз муниципалитеттеринин жашоочулары алдында отчет бергенге караганда, мамлекеттик аткаминерлердин көзүнө илинип калуу үчүн аракет жасагандыгынан билинет.

Чындыгында Кыргыз Республикасынын ар бир жараны күнүмдүк жашоосунда мамлекет менен да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен да тыгыз байланышта болот. Болгондо да ЖӨБ менен көбүрөөк байланышта турат. Айталы, коомдук транспортту колдонуп, таштанды ыргытып, жергиликтүү жолдордон ары-бери каттап, же балдарыбызды бала бакчаларга жеткирүү менен, биз жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кардары болуп эсептелебиз. Башкача айтканда, күн сайын ЖӨБ менен тигил же бул мамилелерди түзүп келебиз. Мына ушул мамилелерди пайдалуу кылуу үчүн мыйзамдар бизге, биринчи кезекте жарандарга абдан чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. Себеби Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул биздин, Кыргызстан жарандарынын, жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүбүздүн кызыкчылыктарыбызда жана өзүбүздүн жоопкерчилигибизде өз алдынча чечүү укугу жана мүмкүнчүлүгү. Ал эми муну биз өзүбүз шайлаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (жергиликтүү кеңештер) аркылуу ишке ашырабыз. Конституция берген укукту натыйжалуу колдонуу үчүн жарандар ЖӨБ менен өз ара аракеттенүүнүн механизмдерин биле жүргөнү пайдалуу. Мындай механизмдер дүйнөдө да, Кыргызстанда да абдан көп. Жарандар өз кызыкчылыктарын жана мыйзамдуу укуктарын коргоо үчүн убактылуу же туруктуу топторго бириккен учурда бул механизмдер абдан жакшы иштеп кетет. Мисалы, Айылдык ден соолук комитеттери – адамдарды жашоонун узактыгына жана сапатына таасирин тийгизген турмуш шарттары – ден соолук детерминанттарынын айланасында бириктирген жамааттык уюмдар.

Бул практикалык окуу китеби жергиликтүү жамааттардын туруктуу жергиликтүү өнүгүүсүнө жетүүдө Айылдык ден соолук комитеттеринин атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын да, жергиликтүү жамааттын өзүнүн да ролун көз көрүнөө чагылдырып турат. Жамааттар кайдыгер эмес жигердүү жарандардан турган демилгелүү топторду түзүү менен, өз үнүн жергиликтүү бийликке жеткирүүгө жөндөмдүү болушат. Муну менен алар жамааттын бийликке жана ресурстарга жакын турган айрым бир өкүлдөрү үчүн эмес, жалпы жамаат үчүн да пайда алып келе турган багытта өнүгүүгө түрткү беришет. Бул процессте негизгиси – макулдашууга келе турган орток тил таба алуу.

Бул окуу китеби ар бир тарапка өз ролун түшүндүрүп, биргелешкен иш – бул туруктуу өнүгүүнүн өзөгү болгонун көрсөтүүгө жардам

берет. Адатта жакшы жакка өзгөрүүлөрдү көп күчтү талап кылуучу күн сайын жасалчу жумуштун жыйынтыгы катары эмес, кырдаалдардын ийгиликтүү айкалышы катары кабыл алышат. Бирок жамаат менен ЖӨБ органы ортосундагы өз ара мамилелерди дыкат жана терең ойлонуп түзүү гана жетишкендиктерди жаратып, жашоо шартты оңдоо үчүн негиз болууга жөндөмдүү.

Басылма түрдүү долбоорлордун, өзгөчө “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорунун алкагында жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жылдар бою иштешүүдөн топтолгон тажрыйбага негизделген.

**БИРГЕЛЕШИП ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕККЕ**

**2015-2016-жылдары Александровка айылында көп нерсе өзгөрдү: айылда таштанды контейнерлери пайда болуп, сатып алынган техниканын жардамы менен таштанды өз убагында жыйналып, чыгарыла баштады; бейтаптар оңдолуп-түзөлгөн процедуралык кабинетте зарыл болгон медициналык жардам алып, жергиликтүү Үй-бүлөлүк даарыгерлер топко караштуу жаңыланган лабораторияда анализдерди эч коркпой тапшырып калышты; айылдагы эки мектептин окуучулары сабакта отурганда үшүбөйт, себеби жылытуу системасы толугу менен жаңыланган. Албетте, чоң айылда көйгөйлөр дагы деле кала берүүдө, бирок алардын көбү чечилип жатат. Мындай жыйынтыкка кантип жетишти? Жергиликтүү бюджет өзүн өзү камсыздай алганы менен, бирок баары бир каражат чектелүү эмеспи. Өлкөдөгү бардык эле айылдардай, бул айылдын каражаттары да жетишсиз. Айылдык ден соолук комитети менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жөнгө салынган ишинин “сыры” – тараптардын ар бири өз ролун баамдай алды. АДК, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жамаат биргелешип иш алып барышат. Алар өз керектөөлөрүн чогуу аныкташып, көйгөйлөрдү таап чыгышууда, бул көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун биргелешип талкуулап, аларды чечүү үчүн каражатты чогуу издешет.**



# АДК жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

## АДК деген эмне жана анын жамааттагы ролу кандай?

Айылдык ден соолук комитеттери – бул элет жергесинде саламаттык детерминанттарынын көйгөйлөрү менен алектенген ыктыярчылардын бирикмеси. АДК коммерциялык эмес, бейөкмөт, ыктыярдуу бирикме болуп эсептелет. Айыл тургундары ыктыярдуу негизде АДК мүчөлөрү болуп, алар ден соолуктун профилактикасына, элеттиктердин санитардык-гигиеналык жана тиричилик шарттарын жакшыртууга багытталган аракеттерди колдоо үчүн биригишет. Башкача айтканда, АДК – бул жигердүү позицияны ээлеген жана өз жамаатынын турмуш шарттарын жакшыртууга көмөктөшүү максатын көздөгөн жергиликтүү жамааттын бир бөлүгү. Айылдык ден соолук комитеттеринин максаты – элеттик жамааттарга өз саламаттыгынын абалын жакшыртуу үчүн өз алдынча иш жүргүзүүгө көмөктөшүү. АДК жамаат менен биргелешип, элет жергесинде саламаттык детерминанттарына байланыштуу кырдаалды жакшыртуу боюнча иштерди аткарат.

2016-жылы республиканын жети облусунда, 1492 айылда 1674 АДК өз ишин жүзөгө ашырууда. АДКнын 10 миңден ашуун мүчөсү бар. АДКлар улуттук Айылдык ден соолук ассоциациясына биригишкен ("Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери").

Өз ишин АДК жергиликтүү жамааттар, КР Саламаттык сактоо министрлигинин структуралык бөлүмдөрү (ФАП, ҮДТ, ҮМБ), коомдук жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракетте уюштурат. Ошентсе



да көпчүлүк АДК жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүгө жетише албай келатат.

АДКнын дарамети чоң. Мындан тышкары алар саламаттык сактоо маселелери боюнча өз ишин жамааттын деңгээлинде жүргүзүшөт. АДК жеринде жамааттар, мамлекеттик саламаттык сактоо системасы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда "көпүрө" катары кызмат өтөп, үч тараптуу өнөктөш мамилелерди түзүүгө көмөктөшө алат. Маалыматтарды жамааттардан ЖӨБ органдарына жана андан ары мамлекетке жеткирүү менен, АДК чечим кабыл алуу процессине катыша алат. Бул болсо ЖӨБ органдарына ден соолукка таасирин тийгизген турмуш шарттар маселесинде жамааттар алдында дагы да ачык-айкын жана отчеттуу болууга жардам берет. АДК менен ишке тартылып, ЖӨБ саламаттык детерминанттары көйгөйүнө көбүрөөк көңүл бурат. Бул болсо элет калкынын саламаттыгынын абалына оң таасирин тийгизет.

## "Саламаттык детерминанттары" деген эмне жана алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши менен байланышы кандай?

Саламаттык сактоо системасы канчалык өнүккөн болбосун, өлкө калкынын саламаттыгынын абалына болгону 25% гана таасирин тийгизет. Калган 75% - бул дарыгерлер олуттуу таасирин тийгизе албаган факторлор. Мисалы, мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде балдардын тамактануусунун сапаты билим берүү чөйрөсүнө караштуу. Ал эми бул балдар барган мекемелердеги физикалык шарттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына кирет. Анткени мектептер жана бала бакчалар ЖӨБ органдарынын балансында турат. Адатта бул шарттарды "саламаттыктын детерминанттары" деп аташат жана бул түшүнүк адам жашоосунун сапатын аныктаган маанилүү концепциялардын бири катары акыркы жылдары дүйнөдө кеңири жайыла баштады. Анткен менен Кыргызстанда саламаттыктын детерминанттары тууралуу коомдук саламаттык сактоо тармагындагы адистер жана айрым уюмдар гана билишет.

Саламаттык детерминанттары – бул саламаттык сактоо системасын кошкондо, адамдар жарык дүйнөгө келген, өсүп-жетилген, өмүр сүргөн, иштеген жана карыган шарттар. Бул жагдайлар улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде акча, бийлик жана ресурстарды бөлүштүрүүнүн таасири алдында калыптанат. Буларга болсо, өз кезегинде, өлкөдө жүргүзүлгөн саясат да таасирин тийгизет. Ден соолук детерминанттары саламаттыкка карата адилетсиздиктин негизги себеби болуп эсептелет – өлкө ичинде жана өлкөлөр ортосунда бай-

калган саламаттыктын абалындагы адилетсиз, бирок алдын алууга боло турган айырмачылыктар. Башкача айтканда, саламаттык детерминанттары – бул адамдын ден соолугуна таасирин тийгизген анын турмушундагы физикалык жана психикалык шарттар. Бул шарттарды башкаруу жарым-жартылай жергиликтүү өз алдынча башкаруунун компетенциясына кирет. Мисалы, таза суу менен жабдуу, таштанды жыйноо жана чыгаруу, мектептерди жылытуу жана башкалар.

## "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу" деген эмне?

Эгерде айылдын катардагы жашоочусунан жергиликтүү өз алдынча башкаруу деген эмне экенин сурасаңыз, анда ал айыл өкмөтү деп жооп бериши толук ыктымал. Бирок айыл өкмөтү аткаруучу гана, ал эми чыныгы бийлик жергиликтүү кеңештин колунда, ал аркылуу бийлик жалпы калктын колунда болгонун, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун масштабын түшүнгөндөр аз. Конституцияга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын (калктын) жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар (калк) тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул өлкөдө башкаруу системасынын адамга эң жакын бөлүгү. Ал жалпысынан жергиликтүү жамааттын жана өз-өзүнчө ар бир жарандын күнүмдүк турмушундагы маанилүү маселелерди чечүү менен алектенет.

Ошол эле Конституцияга ылайык, жергиликтүү жамаат дегенде айылдык аймактын же шаардын аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен жарандардын тобун түшүнүш керек. Тагыраак айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттын өзүнүн бир бөлүгү болуп эсептелет. Эгерде жергиликтүү жамаат болбосо, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу да болмок эмес. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү бийлик органдарынан турган системаны түзөт. Жергиликтүү жамаат өз мүчөлөрүнүн арасынан жергиликтүү кеңештин депутаттарын тандайт, алар жамааттын кызыкчылыктарын коргоп, үнүн жеткирүүгө тийиш. Муну менен ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органын – жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасындагы жогорку бийлик органын түзүшөт.

Айыл өкмөтү жана мэрия жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы болуп эсептелет. Алар жергиликтүү кеңештер жана айрым мамлекеттик органдар кабыл алган чечимдерди аткарат.

Айыл өкмөт башчысы мыйзамдар менен белгиленген алкактарда бийликке ээ болот. Жергиликтүү кеңеш бир жылга ЖӨБдүн ишин жана анын бюджетин пландайт, ал эми АӨ башчысы бул планды аткарууга милдеттүү. Эгерде саясий маңызын таштап, бизнестин тили менен түшүндүрө турган болсок, анда айыл өкмөт башчысы – бул уюмда, биздин учурда, айыл өкмөтүнүн менеджер деп эсептелинет. Башкача айтканда, белгилүү бир милдеттерди аткаруу үчүн белгилүү бир мөөнөткө тартылган адам.

Өнүккөн, ийгиликтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу саясий, административдик жана финансылык көз карандысыздыкка (автономияга) ээ. Бул болсо жергиликтүү маанидеги маселелерди эффективдүү жана мыкты чечүүгө жол ачат. Жетиштүү ресурстарга ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз аймагында чечимдерди өз алдынча кабыл алууга жана аткарууга жөндөмдүү болот. Анткен менен мындай автономия ЖӨБдүн компетенциясы – жергиликтүү маанидеги маселелер менен чектелүү. Жергиликтүү маанидеги маселелер – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, жана ошондой жарандардын тикелей эрк-ниетин билдирүү жолу менен чечилүүчү, тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелери. Тагыраак айтканда, ЖӨБ жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди өз алдынча кабыл алууга укуктуу. Ал эми жергиликтүү маанидеги маселелердин карамагынан тышкаркы маселелер анын компетенциясына кирбей калат. Өз компетенциясына кирбеген маселелерди чечүүгө карата каражаттар багытталса, ЖӨБдүн аткаруучу органы тиешелүү органдар тарабынан жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Өз кезегинде мамлекет буга тыкыр көз салып турат.

## Жергиликтүү маанидеги маселелерге эмнелер кирет?

Мыйзамдарга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги 23 маселе кирет. Жергиликтүү маанидеги маселелерди шарттуу түрдө бир нече категорияга топтоштурса болот.

**Аймактын иштешин камсыздоого багытталган жергиликтүү маанидеги маселелер**

- *Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу –*

жеке бизнести өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү дегенди билдирет. Бул ЖӨБ коммерциялык ишмердик жүргүзүп, киреше алып, иш орундарын түзүшү мүмкүн болгон ишканаларды ачууга укуктуу дегенди билдирбейт. Бул маселеде ЖӨБдүн аракеттери өз аймагында жеке бизнестин өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталышы мүмкүн. Бул болсо ишкананын өзүндө жумушчу орундарды жана кошумча иш орундарын (мисалы, сырье жеткирүүчүлөр, ортомчулар, алып сатуучулар) ачууга, калктын байгерчилигин арттырууга жана мунун натыйжасында аймак боюнча жакырчылыктын деңгээлин кыскартууга шарт түзөт. Бул үчүн ЖӨБ муниципалдык жерлерди ижарага берүү, таштанды чыгаруу, суу менен камсыздоо, кендерге жеткиликтүүлүк берүү өңдүү кызматтарды көрсөтө алат.

- *Жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу ЖӨБдүн иш-милдетине кирет.* Жергиликтүү бюджет кеңештин ачык сессияларында жана коомдук угууларда ачык жана айкын каралат жана бекитилет. Жергиликтүү бюджетти аткаруу тууралуу кеңештердин токтомдору жана тиешелүү жылга карата бюджет тууралуу кеңештердин чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга тийиш.
- *Тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу.* Шаарлардын жана айылдык аймактардын чегинде тышкы жарнак жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын уруксаты менен гана жайгаштырылат. ЖӨБ органы муну жолдорду жана темир жолдорду башкаруу органдары менен макулдашып алууга тийиш. ЖӨБ органынан уруксат алуу үчүн, тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы белгилеген тартипте жана көлөмдө, акы алынат. Ошондой эле ЖӨБО жеке ишкерлер өз жарнагын муниципалдык менчикте кандай шарттарда жайгаштыра аларын аныктайт. Жалпы колдонуудагы (муниципалдык) жерлерде өз жарнагын жайгаштыруу үчүн жеке ишкер жарнак жайгаштырыла турган ошол участоктун бир бөлүгүн, же тышкы жарнак муниципалдык имараттын сыртында болсо, анда имаратты ижарага алууга тийиш.
- *Коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү.* Бул маселе боюнча ЖӨБ органдарынын тикелей ыйгарым укуктарына муниципалитеттин аймагында укук бузууларды алдын алуу кирет. Муну ЖӨБ органы социалдык коргоо, камкорчулук жана

көзөмөлчүлүк органдары, жашы жете электердин иши боюнча комиссия менен өз ара аракеттенүү жолу менен ишке ашырат. Алар биргелешип кылмыштуулук жана баңгилик, СПИД жана аракечтик менен күрөшүү боюнча түрдүү акцияларды өткөрөт. Ошондой эле Коомдук-профилактикалык борбор (КПБ) менен иштешет. Мунун алкагында аксакалдар сотторуна, аялдар кеңештерине жана КПБдун алкагына караштуу башка коомдук түзүлүштөргө материалдык жана башка жардамдарды бере алат. ЖӨБ органдары өздөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү пландарында укук бузууларды алдын алуу боюнча чараларды караштырат. Өз аймагында ЖӨБО абактан бошонгон адамдар үчүн социалдык реабилитациялык борборлорду түзүп, алардын иштешин камсыздай алат. Аймактык милиция кызматкерлерге шарттарды түзүү жана айлык төлөп берүү ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарына кирбей турганын билүү зарыл.

- *Жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу.* Ар бир ЖӨБ органы айылдык аймактын территориясындагы жерлерди эсепке алууга жана бул жерлерди мыйзамдардагы талаптарга ылайык башкарууга милдеттүү. ЖӨБ муниципалдык жерди ижарага берүүгө же сатууга укуктуу. Бирок ошол эле кезде ЖӨБ калкка же жергиликтүү бюджетке зыян келтирген, кылмыш катары бааланышы мүмкүн болгон аракеттер үчүн жоопкерчиликке тартылат. Эгерде ЖӨБдо жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген курулуш планында социалдык жана коммуналдык инфраструктурасынын курулушу үчүн бөлүнгөн жерлер болсо, анда айыл өкмөтү бул жерди өз алдынча колдонууга же курулушка берүүгө укугу жок.
- *Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү.* Өзгөчө кырдаалда ЖӨБ бюджеттеги каражаттарды түзүлгөн кырдаалдын кесепеттерин жоюу үчүн багыттоого укуктуу. Мисалы, сел жүрсө, же жер титирөө болсо, ЖӨБ өз эсебинен кесепеттерди жоюу укугуна ээ (сел алып кеткен көпүрөлөрдү, жолдорду калыбына келтирүү ж.б.).
- *Кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.* “Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзам менен белгиленген тартипте жер

участокторун лицензиаттарга (казынаны иштетүүгө лицензия алган жактар) берүү, алардын колдонулушун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу өңдүү бир катар ыйгарым укуктарга ээ. Мындан тышкары ЖӨБ органдары лицензия үчүн конкурстарды жана тооруктарды өткөрүү боюнча комиссиялардын ишине катышат, ошондой эле жер казынасын пайдалануу долбоорлорду коомдук экологиялык экспертизалоону уюштурат.

### Аймактын инфраструктурасынын иштешин камсыздаган маселелер

- *Муниципалдык менчикти башкаруу* – ЖӨБдүн балансында турган муниципалдык менчиктин абалын өзгөртүүгө багытталган ишти пландоо жана уюштуруу боюнча ЖӨБ органынын функциясы. Муниципалдык менчик - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде жана тескөөсүндө турган жергиликтүү жамааттардын (жергиликтүү калктын) менчиги. Муниципалдык менчикке жер участоктору, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк кирет. “Кыймылсыз мүлк” категориясына турак жай жана турак жай эмес фонд, коммуналдык түйүндөр, ар түрдүү курулмалар ж.б. кирет. Мисалы, кыймылсыз мүлккө айыл өкмөтүнүн, бала бакчалардын, мектептердин, фельдшердик-акушердик пункттардын, муниципалдык ишканалардын имараттары гана эмес, ошону менен бирге эгерде айыл өкмөтүнүн балансында турса, анда коммуналдык түйүндөрдүн бардык комплекси (суу түтүк, канализация, дренаж жана башкалар) да кирет. Эгерде балансга турса, анда курулушка, ремонтко жана калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдардын баарын айыл өкмөтү көтөрөт. Атүгүл жергиликтүү бюджеттин каражаттары да муниципалдык менчикке кирет. Демек, Кыргызстандын мыйзамдары боюнча, жергиликтүү жамааттын менчиги болуп эсептелет.
- *Калкты ичүүчү суу менен жабдуу.* Жергиликтүү бюджетте каражат болсо, ЖӨБ бул каражатты жергиликтүү калкты ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн суу түтүк түйүндөрүн өткөрүүгө (курулушуна), тейлөөгө, оңдоого жана калыбына келтирүүгө жумшай алат.
- *Калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу.* Өзгөчө көңүлдү жергиликтүү маанидеги бул маселенин формулировкасына буруу керек. Камсыздоо деген аймактын территориясында

канализация жана тазалоочу курулмалар тутуму бар болсо, анда ЖӨБ ошолорду оңдоо жана калыбына келтирүү үчүн жоопкерчилик алаарын, алардын туура иштешин камсыздай турганын билдирет. Бул үчүн ЖӨБ эгерде түйүндөр бир кыйла кеңири болсо, аларды тейлөө менен алектене турган муниципалдык ишканаларды ачууга укуктуу. Бирок ЖӨБдүн планында түйүндөрдү куруу планы болбосо жана муну жергиликтүү бюджеттин эсебинен ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда түйүндөрдү курууга милдеттүү эмес. Бул жерде формулировкасы принципиалдуу мааниге ээ. Эгерде мунун алдындагы маселе ичүүчү сууга жеткиликтүүлүгү тууралуу болсо, ушул учурду алганда бул инфраструктураны талаптагыдай абалда күтүп алуу дегенди гана билдирет.

- *Калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу.* Бул маселенин алкагында ЖӨБ органдарынын алдында жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо милдети турат. Бул милдеттин ичине унаа токтотмолорун (токтотмо орундарды) түзүү жана алардын ишин камсыздоо, калктуу конуштардын чегинде жергиликтүү маанидеги жолдордун абалына муниципалдык көзөмөл жүргүзүү кирет. Жолдорду оңдоого жана калыбына келтирүүгө жергиликтүү бюджеттен каражаттар берилсе болот. Бирок калктуу конуштун ичиндеги жана муниципалдык деп эсептелген жолдорго гана берилет. Жолдор муниципалитеттин аймагы аркылуу өтсө, бирок республикалык маанидеги жолдорго кирсе, анда алардын абалы үчүн Транспорт жана байланыш министрлиги жооптуу.
- *Жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу.* Бул функцияга муниципалдык жолдордун жээгинде, муниципалдык имараттарга жакын жерлерде жарык орнотуу боюнча иштер кирет. Бирок ЖӨБ органы жеке короолордо жарык берүүнү уюштурууга милдеттүү эмес.
- *Көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу.* Бул функцияга көрүстөндөр үчүн участок бөлүүгө, көрүстөндөрдүн тегерегин тосууга жана тосмолорду оңдоого, анын айланасында тартипке көз салууга байланыштуу жергиликтүү бюджеттен чыгашалар кириши мүмкүн. Ушул эле маселенин алкагында ЖӨБ органдарынын компетенциясына мамлекеттин камкордугунда болгон жарандар үчүн ырасым кызматтарын уюштуруу да кирет.

- *Жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу.* Жалпы колдонуудагы жерлерге коомдук сейил бактар, аллеялар жалпы пайдалануудагы муниципалдык объекттердин жанындагы жерлер (балдар мекемелеринин жана окуу жайларынын, спорттук жана маданий-агартуучу мекемелердин, коомдук жана саламаттык сактоо жайларынын аймактарында), көчөлөр, жолдор, стадиондор кириши мүмкүн. Жалпы колдонуудагы жерлерди жашылдандыруу – бул бардык жашоочуларга жана конокторго жеткиликтүү болгон, чаңдан, ашыкча күн радиациясынан коргогон, кыска мөөнөттүү жана узакка эс алуу, дене тарбиясы жана спорт менен алектенүү, маданий-агартуучу, көңүл ачуучу иш-чараларды өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн бак-дарактарды отургузуу.
- *Турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу.* Бул маселенин алкагында ЖӨБ калдыктарды чыгаруу системасын уюштурат: таштанды полигону үчүн жер участогун бөлөт, алардын чет-жакасын тосот, таштанды чыгарууну уюштурат.
- *Муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу.* Бүгүнкү күндө муниципалдык транспорт, тагыраак айтканда, анын жоктугу тууралуу маселе көп көтөрүлүп келатат. Транспорттун жоктугунан эң көп калктын аярлуу катмары жабыркайт: мектепке барып-келгенде кыйналган окуучулар, өз убагында медициналык жардам алууда кыйналган кош бойлуу аялдар жана жаш энелер, жөө басуудан кыйналган жана маселесин чече албаган карыя-картаңдар. ЖӨБ муниципалдык транспорттун жоктугу өңдүү көйгөйдү чече алат жана практика көрсөткөндөй, жамаат да адатта бул көйгөйдү чечүүгө өз салымын кошуп келет.

**Аймактагы маданияттын, спорттун жана жаштардын өнүгүүсүн камсыздоого багытталган маселелер**

- *Парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу.*
- *Жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо.*

- *Жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу.*
- *Элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.*
- *Бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү.*
- *Балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу.*
- *Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу.*

Бул категорияга киргизилген бардык маселелерди аймактын территориясындагы маданият үйлөрүн, маданий борборлорду, музейлерди, спорт аянтчаларын жана стадиондорду, сейил бактарды, гүл бакчаларды, эстеликтерди жана ушул өңдүү объекттерди күтүүгө киргизсе болот. Дал ушул объекттер адамдын өнүгүүсү, маданиятын жогорулатуу жана сергек жашоо үчүн шарттарды камсыздайт. Дал ушул жерде ЖӨБ органынын жарандар менен кеңири иш алып баруусу мүмкүн болот. Анткени колдонуудагы инфраструктуралар менен чектелбестен, андан да кеңири мүмкүнчүлүктөргө жол ачат. Бирок бул ЖӨБ органдарынын ишине дагы да көбүрөөк жоопкерчиликти жүктөйт. Анткени бул жерде көптөгөн чечимдер мүмкүн болот жана мындай учурда жамаат менен консультациялар көйгөйлөрдү чечүүнүн зарыл бир бөлүгү болуп калат.

Бул маселелерди чечүү үчүн жамаатты биргелешкен консультациялар үчүн гана тартпастан, ошону менен бирге маселелерди тикелей чечүү үчүн мобилдештирсе да болот. Жергиликтүү коммерциялык эмес уюмдар менен кызматташтык адатта чоң жыйынтык берет. Анткени маданиятка, спортко жана жаштарга байланышкан маселелерди чечүү Айылдык ден соолук комитеттери өңдүү көптөгөн жарандык коом уюмдарынын артыкчылыгы болуп эсептелет. Ошондой эле жаштар арасында аракечтик, үй-бүлөдөгү зомбулук, жаштардын кылмыштуулукка тартылуусу жана башка ушул өңдүү маанилүү темалар ЖӨБ органдарынын да, жарандык коом уюмдарынын да көңүлүн бурат.

Ар бир маселени чечүүдө – бул кырдаалды баалоо. Ал өзүнө бардык мүмкүн болгон ресурстарды баалоону да камтыйт. Буга жамааттын өзүнүн потенциалы да кирет. Туура жана көп тараптуу мамиле маселени ийгиликтүү чечүүнүн кепили болуп эсептелет.

## ЧАКАН ЖЕҢИШТЕР – ЧОҢ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

**Манас айылы Казакстан менен чек аранын жанында жайгашкан. Таластын талкаланган жолдору менен айылга жетүү оңой эмес. Айыл калкынын саны көп деле эмес жана болгону 735 киши жашайт. Жергиликтүү калктын негизги киреше булагы – бул айыл чарбасы. Айыл турмушунда көптөн бери өзгөрүүлөр болгон эмес жана адамдар күтө берип деле үмүттөрүн үзүп коюшкан. Айылда көйгөй көп эле. Муну айылда жок дегенде бир жолу болгон ар бир адам билет. Манастагы негизги көчөнү эле алалы: бул көчөнүн жээгинде 7 жыл мурда донордук уюмдун акчасына курулган, бирок андан бери бир да жолу ремонттолбогон, фельдшердик-акушердик пункт орун алган. Ошондой эле ашар жолу менен курулган чакан мектеп бар. Бирок Манас көчөсүн негизги деп айтууга ооз барбайт. Анткени анын басымдуу бөлүгүнөн атүгүл машинелер да оңой менен өтө албайт. Ал эми жергиликтүү мектепке барган окуучулар белине чейин ылай болушат.**

**Жергиликтүү жамааттык уюм – Айылдык ден соолук комитети айылдагы жамааттын муктаждыктарын аныктоо боюнча бир катар иш-чараларды уюштурду. Ошол иш-чаралардын жүрүшүндө айыл тургундары бир топ көйгөйлөрүн айтып беришти. Ошонун баары топтолуп, жергиликтүү жамааттын жардамы менен алардын ичинен эң артыкчылыктуусу тандалып алынды. Күтүлгөндөй эле көйгөйлөр көп болуп чыкты. Бирок эң маанилүүлөр деп төмөнкүлөр табылды:**

- **бала бакчанын жоктугу;**
- **заман талабына жооп берген мектепти куруу зарылчылыгы;**
- **жаштар спортун өнүктүрүү үчүн спорт залдын жоктугу;**
- **эски мектепте ашкананын ремонту;**
- **айыл ичиндеги муниципалдык жолдордун ремонту;**
- **ФАПты оңдоо жана тегерегин курчоо.**

**Аныкталган көйгөйлөрдүн басымдуу бөлүгүн чечүүгө ири көлөмдөгү инвестициялар зарыл. Бирок жергиликтүү бюджетте мынчалык каражат болбогондуктан, чакан, бирок маанилүү көйгөйлөрдү чечүү макулдашылды. Айылдык ден соолук комитети көтөргөн демилгени колдоо менен айыл тургундары эки негизги көчөдө ремонт жасоону чечишти. Долбоорго Айылдык ден соолук комитетинин мүчөлөрү жана жергиликтүү кеңештин депутаттары катышты.**

**Алар өзгөчө көйгөйлүү участокторго майда кумду жеткирүүнү камсыздап беришти. Айыл тургундары демилгечилерди колдоп, акча чогултуп, 40 литр күйүүчү май беришти. Айыл өкмөт башчысы да жашоочулардын демилгесин колдоп, жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп берди. Мындан тышкары жол-эксплуатациялык башкармалык менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен автогрейдерди ижарага алып берди. Ошентип жол оңдолду. Айыл тургундары ыраазычылыгын билдирип төмөнкүлөрдү айтышты: "Жолдордун абалы оңолду, балдар үчүн мектепке жетүү жеңил болуп калды. Айылда өз жамаатындагы көйгөйлөргө кайдыгер карабаган демилгелүү адамдар бар болгону жакшы экен. Алар өз маселелерин өз күчү менен чечип, башкаларды мобилдештирүүгө даяр".**

**Айылдын туругундары ЖМБА иш-чараларында көтөргөн башка көйгөй – бул ФАПтын ремонту жана анын тегерегиндеги аймакты көрктөндүрүү болду. 2008-жылы курулган ФАП жетиштүү көңүл бурулбагандыктан жыл сайын абалы начарлап келаткан. ФАП имаратында зарыл болгон шарттардын жоктугунан улам калкка кызмат көрсөтүү да барган сайын оорлой берди. Ал эми калк болсо медициналык жардам сурап мурдагыдай көп кайрылбай калды. ЖМБА сессияларында айыл аксакалдардын бири Рахым ИСМАИЛОВ буларды айтты: "Биз жакшы эле өмүр сүрдүк, бирок мен эми медициналык кызмат көрсөтүүлөрсүз калган балдарымдын неберелеримдин ден соолугу үчүн кооптонуп турам. Ошондуктан биз ФАПтын абалын жакшыртууга көмөктөшүүбүз керек. Эгерде зарыл болсо ремонт үчүн акча чогултабыз". Айыл тургундары демилгени колдоп беришти. Жеринде айыл активисттеринен турган демилгелүү топ түзүлдү. Бул топ АДК мүчөлөрү менен биргелешип, ремонттук иштердин сметасын иштеп чыгып, жардам сурап жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылышты.**

**Демилгелүү топ менен айыл өкмөт башчысынын ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүндү. АДК да салым кошту. Биргелешкен аракеттер менен фельдшердик-акушердик пункт ремонттолуп, дубалдары акталып, терезелери, каалгалары сырдалып, аймактын тегереги көрктөндүрүлдү.**

**Манас айылынын мисалы көрсөткөндөй, айылдын чоң жетишкендиктери чакан жеңиштерден башталат. Кичинекей жамааттык уюм – Манас айылынын Айылдык ден соолук комитетинин демилгеси айыл тургундарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын жана айыл өкмөтүн маанилүү маселелерди чечүүнүн тегерегинде бириктире алды. Кээде кимдир бирөөнүн адамдардын жашоосун өзгөртүүгө болгон аракети менен тутанган кичинекей учкун да жаркын келечекке үмүт берген жалынга айланып кетет экен**



## Эмне үчүн АДК жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышат?

Жарандардын ыктыярдуу бирикмеси катары АДК жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугуна ээ. Бирок "жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу" деген эмне?

Жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу – бул башкаруу системасы демократиялуу болгонунун белгиси. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруу системасынын эң демократиялуу бөлүгү деп айта турган болсок, анда катышуу да чыныгы, реалдуу, бардыгы үчүн тең болууга тийиш. Өз ара көз карандуулукка, урмат-сыйга, жамааттагы турмуш шарттарды жакшыртуунун үстүнөн чогуу иштөөгө болгон даярдыкка негизделген өнөктөштүк зарыл.

Бардык эле жарандар сыяктуу АДК да жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуу укугуна ээ. АДКнын жана коомчулуктун катышуусу саясий принцип жана эл аралык укуктун нормасы болуп эсептелет. АДКнын жана коомчулуктун катышуу принциби адамдардын пикирин эркин билдирүүгө жана чогулууга болгон негизги укуктарынан келип чыгат.

Практикада АДКнын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде чечим кабыл алуу процессине катышуусу төмөнкүдөй болот: мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдерине коомчулуктун көйгөйлөрүн, керектөөлөрүн жана баалуулуктарын кошуу максатында алар менен кеңешет. Бул жетектөөчү принциптерди жана практиканы түзүүнү талап кылат. Ал болсо коомчулукка саясий, экономикалык, социалдык жана башка чечимдерге өз салымын кошууга жол ачат. Мында коомдун көйгөйлөрүн аныктап чыгып, чечүүгө жардам берген усулдар колдонулат. Алар: коомдук угуулар, консультативдик комитеттер, коомдук кеңештер, фокус-топтор, анкета толтуруу жана маектешүү.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга өкүлчүлүктүү жана тикелей катышуу формаларында жүзөгө ашырылат. Жарандардын өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат. Мыйзамда каралган учурларда, шаардын же айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын өкүлчүлүктүү катышуусу ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы аркылуу жүзөгө ашырылат. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга тикелей катышуусу төмөнкү формада жүзөгө ашырылат:

1) коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык маанилүү маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштарында (жыйындарында) талкуулоо;
2) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо;
3) ченем чыгаруу демилгесин көтөрүүгө жана/же жергиликтүү маанидеги өзгөчө маанилүү маселелер боюнча тикелей добуш берүүгө катышуу.

АДК жана жарандар жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө карабастан, түздөн-түз жана өз өкүлдөрү аркылуу дагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга бирдей укуктарга ээ. Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

# АДК жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун модели

АДКнын жана жарандардын КРнын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун туюк система түрүндө – жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу модели катары чагылдырса болот. Бул модель иш-чаралар комплекси болуп эсептелет. Ал бир жагынан ЖӨБ органдарына жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамаат алдында отчеттуу болууга, ошондой эле жарандарды коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алууга тартууга жардам берет.




***1-сүрөт. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун модели***

Мындан тышкары бул процесс жергиликтүү ресурстарды бөлүштүрүүгө катышууга жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууга жол ачат. АДКнын жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга ка-

тышуусу үч тараптын – АДКнын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын жигердүү жана тең укуктуу өнөктөштүгүн билдирет. Бул өнөктөштүктүн негизги максаты – муниципалитеттеги турмуш шарттарды жакшыртуу. Сунушталып жаткан модель ишке киргизилип, өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтө алды. Айталы, 25 айылда[1] өткөрүлгөн ЖМБАнын алкагында аныкталган 168 көйгөйдүн 99ун ЖӨБ чечүү үчүн тандап алган. Алардын ичинен 70% алгачкы эки жылдын ичинде чечилген. Жарандардын жергиликтүү өз адынча башкарууга катышуусунун модели негизги этаптардан турат (1-сүрөттү караңыз). Өз кезегинде бул этаптардын ар бири ырааттуу аракеттердин жана иш-чаралардын топтомун камтыйт. Алар болсо АДКнын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча кабыл алынып, бирок жамаат менен биргеликте аткарылат.

## Эмне үчүн ЖӨБ органынын жетекчилигине калктын пикирин билүү пайдалуу?

**Шамиль СУШАНЛО, Александровка айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы: "Айыл өкмөт башчысы болгондон кийин мен көптөгөн чарбалык маселелерди чечишим керектиги, айыл өкмөт башчысы – бул "завхоз" экени белгилүү болду. Бирок бир дагы "завхоз" чарбалык маселелерди жалгыз башына чече албайт. Кийинчерээк муниципалитетте демилгелүү топтор бар болгонун, алар Айылдык ден соолук комитеттерин уюштурганын билип калып, кызматташа баштадык. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн жашоочулар кайсы маселелерди өзгөчө артыкчылыктуу деп эсептей турганы жөнүндө маалыматты өз убагында алуу өтө маанилүү. Бул маалыматты алууда АДКнын чоң жардамы тийди, себеби аларда калк менен иштөө боюнча чоң тажрыйбасы бар".**

ЖӨБ органдары менен кызыкдар калктын ортосунда диалог түзүлмөйүнчө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү да мүмкүн болбойт. ЖӨБ органдарынын ар кайсы чечимдеринин ийгилиги көп учурда калктын колдоосуна көз каранды.

- Калктын пикирин изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз чыгашаларын пландоо жана колдогу ресурстарды рационалдуу бөлүштүрүүдө калктын колдоосуна ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берет.

[1] "Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" Долбоорун ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча.

- Калктын пикирин изилдөө жана жергиликтүү маанидеги иштерге катышуусун камсыздоо – бул ЖӨБ органдарынын өз функцияларын жана ыйгарым укуктарын эффективдүү аткаруусунун маанилүү шарты.
- Коомдук пикирди изилдөө – бул жарандык коомдун иштиктүү аспабы да болот. Анын жардамы менен калк ЖӨБ органдарына ишеним көрсөтөт же көрсөтпөйт.

## КӨЙГӨЙДҮ БИЛҮҮ АНЫ ЧЕЧҮҮГӨ КАРАЙ КАДАМ ТАШТОО ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ

**Кош-Дөбө – негизги магистраль жолунан алыс жайгашкан чакан айыл. Калкынын саны беш жүзгө жетпейт. Бирок айылдын көйгөйлөрү Кыргызстандагы көптөгөн башка айылдардыкына эле окшош. Кыргыз Республикасы эгемендик алгандан бери айылды көрктөндүрүү, көчөлөргө жарык берүү, жолдорду, айыл клубдарын жана спорт аянтчаларын оңдоого байланышкан инфраструктура маселелери менен дээрлик эч ким алектенген эмес. Ал эми булар айылдагы ыңгайлуу же ыңгайсыз жашоо үчүн ден соолукка жана чөйрөгө таасирин тийгизген шарттар эмеспи. Бул болсо өз кезегинде жашоочулардын маданий өнүгүүсүнө жана жаш муунду тарбиялоого да таасирин тийгизет.**

**Кош-Дөбө айылынын Айылдык ден соолук комитети (АДК) ЖӨБ органдары менен биргеликте аймакта саламаттык детерминанттарына байланышкан артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча иш-чаралар циклин өткөрдү.**



**Кош-Дөбө айылынын АДК төрагасы, чоң турмуштук тажрыйбага ээ болгон Керимбек МУКАНБЕТОВ калкты мобилдештирүү жана жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) боюнча иш-чараларды өткөрүүгө чоң салым кошту. ЖМБА иш-чаралары маалында элет тургундары алар үчүн маанилүү жана артыкчылыктуу болгон көйгөйлөрдүн бирин көтөрүп чыгышты. Алар Токсобаев атындагы көчөдө бир дагы жарык берчү чырактын орнотулбаганын көйгөйлүү маселелердин бири деп чечишти.**

**Керимбек байке пикирлештери – АДК мүчөлөрү жана айыл активисттери менен биргеликте ишти аягына чейин чыгарууну чечишти. Алар айыл өкмөт башчысына расмий кайрылуу даярдашты. Анткени көчөнү жарыктандыруу – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун компетенциясында турган жергиликтүү маанидеги маселе болуп эсептелет.**

**Айыл өкмөт башчыга бул демилге жагып, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан бул маселени чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп берүүнү сураңды. Адаттагыдай эле жергиликтүү бюджетте ашыкча акча болгон жок. Бирок буга карабастан жергиликтүү кеңеш Токсобаев атындагы көчөгө төрт чырак орнотууга каражат тапты. Кийинки жылы ЖӨБ көчөнү жарыктандыруу үчүн дагы төрт чырак сатып алууну пландады.**

**Жергиликтүү калк да четте карап турбастан айыл өкмөтү баштаган ишти улантып кетишти. Айталы, жашоочулар чогулган акчага кийинки жылы дагы эки чырак сатып алууну пландап коюшту. Айыл өкмөт башчысы буларды айтат: "АДКнын демилгеси менен жарандардын саламаттыгына байланышкан көйгөйлөрдү калк ЖӨБ органдары менен биргеликте чечкени абдан жакшы. Ооба, биз түшүнүп турабыз, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, мисалы, жарыктандыруу – бул ЖӨБ органдарынын компетенциясына кире турган маселе. Бирок айыл тургундарынын артыкчылыктары кандай болгонун, алар үчүн биринчи кезекте кайсы маселелерди чечүү маанилүү экенин жана кандай ресурстарды адамдар өз алдынча табууга даяр болгонун дайыма эле биле бербейбиз. Ушуну менен бирге жашоочулар да эстүүлүгүн көрсөтүп, жарыкты өз алдынча өчүрүп, күйгүзүп турууга даяр болот деп үмтөтөбүз. Бул электр энергиясы дайыма эле туруктуу болбогон, бир аз эле карыз болсо электр компаниясы жарыкты өчүрүп коё турган шарттарда өзгөчө маанилүү. Бул багытта иштер уланууда жана жакын арада биз жарыктандыруу маселесин толугу менен чечебиз".**

**Айыл жашоочулары өз көйгөйлөрүн донорлордун каражаттарынын эсебинен эмес, жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен чечишти. Мында маанилүү ролду айыл өкмөт башчысы ойноду.**

**Айыл өкмөт башчынын түшүнүү менен мамиле жасаганы, жамааттын көйгөйүн жергиликтүү кеңештин депутаттарына жеткирүүгө жардам берди. Дал ушул башчынын жардамы менен чырактарды сатып алууга кошумча каражаттар да табылды. Айыл эли ыраазы жана башчынын демилгелерин колдоого даяр. "Эми көчөгө жарык орнотулгандан бери күн баткандан кийин балдарды сөзсүз эле үйгө кууп киргизүүнүн кажети жок. Алар жарык көчөдө эле оюндарын улантышууда. Ал эми айыл тургундары топ-топ болуп алып, саясат, жашоо жөнүндө баарлашып отурушат", - деди Кош-Дөбө айылындагы башталгыч мектептин директору.**

**АДК үчүн долбоорго катышуу баа жеткис тажрыйба болуп калды. Жергиликтүү жамааттын колдоосуна ээ болгон АДК мүчөлөрү адамдардын жашоосун мындан да мыкты жана ыңгайлуу кыла аларына ишенип калды. Кош-Дөбө айылындагы АДК төрагасы Керимбек МУКАНБЕТОВ: "Биз бул жылы маанилүү маселелерди чечтик, көчөгө жарык бердик. ЖМБА иш-чараларынан кийин калк өз айылы үчүн жоопкерчилик сезип, айыл көйгөйлөрүн чечүүгө катыша баштады".**

ЖӨБ органдары коомдук пикирди эсепке гана албастан, ошону менен бирге аны өзүнүн ички ресурстарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша түзө да билиш керек. Жамаат анын пикири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү болгонун сезгенде гана жарандар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыша баштайт. Бул болсо жарандарга кайсы көйгөйлөр биринчи кезекте жана кантип чечилиш керектигин өздөрү аныктап алууга мүмкүнчүлүк берет. Көйгөйдү чечүүнүн жолдорун сунуштоо менен калк да жергиликтүү жамааттын өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликтин кайсы бир бөлүгүн өзүнө алат. Жоопкерчиликти ушинтип бөлүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына диалог түзүүдө да, ресурстарды издөөдө да өтө пайдалуу.

## Эгерде көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттин ресурстары жетишсиз болсо, анда артыкчылыкты аныктоонун кажети барбы?

Ресурстар дайыма жетишсиз болуп турат, өзгөчө жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде. Бул мамлекет жергиликтүү бюджеттер үчүн киреше булактарынын санын чектеп койгону менен байланыштуу болду. Жалпак тил менен айтканда, акча дайыма эле жетишсиз болуп турат. Бир дагы мамлекеттик башкаруу органында, бир дагы муниципалитетте, бир дагы үй-бүлөдө акча ашык болбойт. Негизи эле акча дүйнөдөгү

бардык эле бюджетке зарыл, себеби адамдын керектөөлөрү аларды канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө караганда тез өсүп турат эмеспи. Буга байланыштуу кайсы керектөөлөрдү биринчи кезекте канааттандырууга каражат сарпташ керек деген чечимди дайыма кабыл алууга туура келет. Же кайсынысы артыкчылыктуу?

Ошондуктан жергиликтүү бюджетти башкаруу процессинде ЖӨБ органында калктын керектөөлөрүнө жакшыраак жооп кайтаруу, анын алдында отчет берүү үчүн дайыма көйгөйлөрдү жана керектөөлөрдү алардын артыкчылыктуусуна жараша бөлүштүрүү зарылчылыгы пайда болот. Башкача айтканда ЖӨБ органдары жана калк алдыга коюлган артыкчылыктуу тапшырмаларды жана көйгөйлөрдү кантип чечсе болот, бул үчүн канча каражат талап кылынат, аларды кантип алыш керек, каржылоонун кошумча булактарын, же жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүнүн жолдорун кайдан табууга болот деген суроолорго жооп издеп, буга байланыштуу маалыматтарга муктаж.

Артыкчылыктарды тандоо капиталдык чыгашаларды же инвестицияларды жакшыраак пландоого жардам берет. Өзгөчө узак мөөнөттүү максат анык болуп, бирок ошол максатка жетүүгө жардам берчү жолдор бир нече болгон учурда бул зарыл болот. Мисалы, жергиликтүү жамааттын аймагында биринчи кезекте эмнени куруш керек – жакшы жолдубу, же бала бакчаныбы? Жолдун курулушу туристтердин санын көбөйтүп, жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүнө көмөктөшүп, жамааттын бакубаттуулугун арттырат. Ал эми бала бакчанын курулушу менен ата-энелер балдарын бакчага берип коюп, дагы да кирешелүү жумуш таап, мында да жамааттын бакубаттуулугу артмак.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзүнө жоопкерчилик алып, жеке өзү, жамааттын пикирин эсепке албастан, бир максатка жеткире турган эки жолдун бирин тандай алабы? Жооп – “жок”. Себеби калктын түрдүү топторунун артыкчылыктары ар кайсы маалда ар башка болот.

Мисалы, үй-бүлөлөр бала бакчаны тандап алышы мүмкүн. Анткени бала бакча ата-энелердин колун бошотуп, алардын ишке чыгуусуна гана көмөктөшпөйт. Ошону менен бирге бала бакча жамааттын келечектеги дарамети үчүн да чоң мааниге ээ. Себеби мектепке чейинки даярдыктын сапаты жана бала бакчага баруу – бул билимдүү адамдын пайдубалы үчүн коюлган биринчи таш.

Дагы бир үй-бүлө жолдун курулушун тандап алышы мүмкүн. Анткени жай мезгилинде туристтер үчүн шарттарды түзүп койбосо,

анда кийинки жазга жолду куруунy пландаштырып койгон кошуна жамаат менен атаандаштыкта утулуп калуу ыктымалдуулугу жогору. ЖӨБ органдарында, айыл өкмөтүндө, мэрияда, муниципалдык уюмдарда жана мекемелерде иштеген адистерде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу боюнча күн сайын жасалчу тапшырмалары өтө көп. Бул функцияларды аткаруу үчүн да жергиликтүү бюджеттеги каражаттар колдонулат жана бул окуу китебинин авторлору жериндеги бийлик өкүлдөрүнө жаңы эле аныкталган көйгөйлөрдү чечүүнү, Ч көчөсүндөгү жолдун ремонтуна, же Ы айылындагы Х мектебинин чатырынын ремонтуна коомдук каражатты сарптоону сунуштаган жок. Анткен менен жергиликтүү бюджетте муниципалдык менчик объекттерин көрктөндүрүүгө, ремонттоого каралган каражаттар биринчи кезекте дал ошол Ч көчөсүндөгү жолдун ремонтуна жана Ы айылындагы Х мектебинин чатырына сарпталыш керек. ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, талдоо жүргүзгөндөн кийин, жигердүү жарандар менен кеңешкен соң гана кабыл алууга тийиш. Ошондо гана ЖӨБ органы колдоого ээ болуп, идеяны же долбоорду ишке ашыруу үчүн кошумча ресурс алат.



## ЖМБА деген эмне?

**Нурила АБДРАЕВА, Сары-Ой айылындагы АДК төрайымы: “Мен дайыма бир суроого жооп издеп келгем – биздин жамаатты эмне бириктире алат? Балким жалпы максаттар жана көйгөйлөр болуп жүрбөсүн? Бирок мен да, АДК мүчөлөрү да муктаждыктарды кантип аныктап, биздин айылдын байгерчилигин арттырууга жардам бере турган тапшырмаларды кантип биргелешип аныктай турганыбызды билчү эмеспиз. Долбоорлор менен иштешүү жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун аспабы – ЖМБА иш-чаралар комплексин колдонгонду үйрөттү. Бул усул бизге маалымат чогултуу процессинде да, мындан кийинки ишти анализдеп, пландоодо да өтө жөнөкөй көрүндү. Эң негизгиси – бардык кадамдарды калктын пикирин жана кызыкчылыктарын эсепке алуу менен жасоо. Бул болсо адамдардын бара-бара биригүүсүнө алып келет. ЖМБА иш-чараларынын катышуучуларына артыкчылыктарды тандап, маселени чечүү жолдорун издеп, калктын салымын аныктаган оюн формасындагы көнүгүүлөр абдан жакты. ЖМБА усулдары аркылуу жергиликтүү көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечкенди, акча таап, адамдарды ынандырганды үйрөнүп алганыбыз жакшы болду”.**



Демократиялык башкаруу түрдүү топтордун кызыкчылыктарын макулдашууну камсыздаган атайын аспаптарды колдонууну талап кылат. Мисалы, Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – ЖМБА. Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – бул маалыматты биргелешип чогултуу, ага талдоо жүргүзүү жана ишти калктын пикири менен кызыкчылыктарын эсепке алуу менен пландоо процесси. ЖМБА – бул дайыма өркүндөтүлүп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу. Алар адамдарга өзүнүн турмуштук тажрыйбасы-

на, жашоо шартына талдоо жүргүзүүгө, топтолгон тажрыйба жана билим менен алмашып турууга жол берет. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалат. ЖМБА – бул өзүнө биринин артынан бири уланган иш-чараларды камтыган иш-чаралардын комплекси:




***2-сүрөт. ЖМБА иш-чаралар комплексинин этаптарынын ырааттуулугу***

ЖМБА иш-чаралар комплекси циклдүү мүнөзгө ээ – алар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп туруш керек. Себеби жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрү бара-бара чечилип турат жана бул жылы башкы көйгөй ичүүчү суу болсо, кийинки жылы же эки жылдан кийин жолдор артыкчылыктуу маселеге айланып калышы мүмкүн.

Жергиликтүү бюджет, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн каражаттар кантип сарпталып жатканы тууралуу маалыматты ачыктоо ЖМБАнын бардык этаптарынын жана иш-чараларынын милдеттүү жана талашсыз элементи болуп эсептелет. Бюджет тууралуу маалыматты ачык жарыялабастан жарандардын ишенимине ээ болуу, аларды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыштыруу оор болот.

ЖМБАнын бардык иш-чараларына катышуу үчүн жергиликтүү жамааттын 18 жашка толгон мүчөлөрү гана эмес, ошондой эле мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик

органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрү, айылдык кеңештин депутаттары жана айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлери да чакырылат.

Калктын түрдүү топторунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен жамааттын муктаждыктарын изилдөө ЖМБАнын милдеттүү шарттарынын бири болуп эсептелет. Себеби эркектер менен аялдардын, карылар менен жаштардын, дени сактар менен майыптардын керектөөлөрү ар кандай болушу мүмкүн. Эгерде калктын кайсы бир топтору ЖМБА процесстерине катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калса, анда көйгөйлөрдүн ичинен эң артыкчылыктуусун тандап алуунун жыйынтыктары да бурмаланган болуп калат. Мисалы, эгерде муниципалдык менчик объекттеринин ремонтуна каражат бөлүү маселесин чечип жатканда талкууга эркектер гана катышса, жолдордун ремонтун артыкчылыктуу маселе катары тандап алууда алардын көбүнүн машинеси бар болгону негизги жүйө катары колдонулат. Эгерде талкууга аялдар гана катышса, бала бакчанын ремонту артыкчылыктуу маселе болуп калышы ыктымал. Эгерде талкууга аялдар да, эркектер да катышса, жолдордун ремонтун артыкчылыктуу көйгөй катары тандап алууда жол туристтердин агымын көбөйтүү үчүн шарт түзүп, жергиликтүү бюджетти гана эмес, бир канча үй-бүлөнүн да бюджетин толуктайт дегени негизги жүйө болуп калмакчы. Мындай учурда жолдорду оңдоону башкы көйгөй катары тандап алуу талаш жаратпайт.

## ЖМБА кандай учурларда колдонулат?

ЖӨБ органдары ЖМБА усулдарын башкаруунун түрдүү процесстеринде кеңири колдонсо болот. Өзгөчө ЖМБАны төмөнкү процесстерде жүргүзүү маанилүү:

- аймактын өнүгүүсүн стратегиялык пландоодо;
- муниципалдык социалдык тапшырыкты түзүүдө;
- айрым бир социалдык топторду (аялдарды, балдарды, жаштарды, карыларды, мигранттарды, этникалык топторду) колдоо саясатын түзүүдө;
- мындай документтердин максатын туура аныктоо жана жүрөктү өйкөгөн көйгөйлөрдү чечүү боюнча калктын үмүттөрүн актоо үчүн программаларды, пландарды жана стратегияларды иштеп чыгууда.

## Эмне үчүн ЖМБАнын жыйынтыктарына ишенсе болот?

ЖМБА процессинин негизин түзгөн бир нече мүнөздөмө бар. Алар: ишенимдүүлүк, деталдаштыруу, эффективдүүлүк, маалымдуулук, ишеним, коллегиялуулук.

**Ишенимдүүлүк:** түз жолугушуулар жана жамаат менен талкуулоо учурунда калк өз артыкчылыктарын дагы да ачык билдирет жана ЖӨБ органдарынын ишине, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына баа берет.

**Деталдаштыруу:** бетме-бет талкуунун жардамы менен алынган маалымат зарыл болгон өзгөчө жеке деталдарга бай болот.

**Эффективдүүлүк:** жолугушуунун жигердүү катышуучулары көйгөйдү талкуулоо маалында ошол замат анын себеп-натыйжа байланышын аныктап, чечимдерди сунуштай алат. Эл алдында пикирин билдирип калууга умтулуу менен чакан топтордун лидерлери да аныкталып калат. Алар кийин көйгөйдү чечүүдө жигердүү катышуучу боло алышат (аракеттер планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессинде).

**Маалымдуулук:** ЖӨБ кызматкерлеринин ЖМБА иш-чараларынын катышуучулары менен түздөн-түз баарлашуусу калк менен ЖӨБ органдары ортосунда маалымат алмашуунун жана кайра байланыш фактысы болуп эсептелет;

**Ишеним:** баарлашууга жана кызматташтыкка болгон ынтызарлык, пикирин жеткирүү жана суроолоруна жооп алуу мүмкүнчүлүгү ЖӨБ органдарына болгон ишенимди жогорулат;

**Коллегиялуулук:** аймак башчыларынын гана эмес, депутаттардын да катышуусу чечимди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жалгыз өздөрү гана кабыл албайт дегенди баамдоого көмөктөшөт; депутаттардын катышуусу алардын жамааттын алдындагы аброюн жогорулатууга жана депутаттардын өздөрүнүн ролун дагы да туура түшүнүүсүнө көмөкчү болот.

## ЖМБА маалында кандай иш-чаралар өткөрүлөт?

ЖМБА иш-чаралар комплексинин алкагында баары болуп иш-чаралардын бир нече түрү жүргүзүлөт. Алар: ЖМБА сессиялары, ЖМБА фокус топтору; пландоочу жолугушуулар, чогулуштар жана коомдук угуулар.

- **ЖМБА сессиялар –** бул алгачкы маалыматты чогултуу үчүн жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү менен жолугушуулар. ЖМБА сессияларын уюштуруу үчүн иш-чараларды пландоо

маалында уюштуруучулар чакырылган жамаат өкүлдөрүн алдын ала жаш курагына карап бириккен бир нече топко бөлөт. Топторго айылдын, же айылдык аймактын картасын тартуу сунушталат. Бул картада колдонуудагы инфраструктураны көрсөтүп, анын абалын сүрөттөп берүү керек. Мына ушул этапта эле көйгөйлөр белгилүү боло баштайт. Алардын баарын алып баруучу жазып алууга тийиш. Кийин ар бир катышуучу үч мүмкүн болгон добуштун бирин берип, өзү үчүн артыкчылыктуу болгон үч көйгөйдү тандап алат. Муну жасоонун эң оңой жолу – чаптагычтар же стикерлер менен белгилөө, же так сан үчүн аныкталган ар бир көйгөйдүн алдын сызып коюу. Натыйжада эң көп добуш алган көйгөйлөр артыкчылыктуу деп таанылат. Артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алуу процессин протоколго киргизип, бардык катышуучуларга кол койдуруп чыгуу керек. Туура толтурулган протоколду көйгөй канчалык артыкчылыктуу болгонун ЖӨБ органдарына негиздеп бергенде жана себеп-натыйжа байланышын аныктоо боюнча мындан аркы иштерди аткараарда колдонсо болот;

- **ЖМБА фокус топтору –** бул – себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо үчүн жергиликтүү жамааттын лидерлери жана ЖМБА сессияларынын жигердүү катышуучулары менен жолугушуулар. ЖМБА сессиялар маалында талкууга байкоо салып отуруп, андан ары иштерге катышууга кызыгуусун билдирген, ошондой эле жамааттын түрдүү көйгөйлөрүн чечүүдө тажрыйбага ээ болгон жигердүү лидерлер аныкталат. Алар бул көйгөйдүн пайда болуу себептери аныктала турган талкууга чакырылат. Эгерде көйгөйдүн себептери туура эмес аныкталса, анда аны чечүүдө да мүмкүн болбойт. Ошондуктан бул маселеге олуттуу мамиле жасоо зарыл. Эгерде мүмкүнчүлүк болсо, анда көйгөйдүн себептерин туура аныктап, туура чечим кабыл алууга жардам бере турган жергиликтүү калктын ичинен эксперттерди тартса болот.
- **Пландоо жолугушуулары –** бул биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу, бардык кызыкдар тараптардын, анын ичинде адистердин жана эксперттердин пикирлерин эсепке алуу, аныкталган көйгөйлөрдү чечүүдө түрдүү тараптардын ыктымал салымдарын аныктоо үчүн жамааттын жигердүү бөлүгү менен жолугушуулар. Мындай жолугушуулар маалында өзүн буга чейинки жолугушууларда жана талкууларда көрсөтө алган, аныкталган артыкчылыктуу көйгөйдү чечүүгө даярдыгын көрсөткөн активисттердин ичинен демилгелүү топтор түзүлөт.

Демилгелүү топторду түзүүдө калктын түрдүү топтору киргенин эсепке алуу зарыл, ошондой эле жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулук сакталыш керек.

- **Чогулуштар –** бул ЖМБА иш-чараларынын натыйжаларын макулдашып алуу, калкты маалымдоо, Биргелешкен аракеттер планына толуктоолорду жана сунуштарды чогултуу үчүн жарандардын массалык ачык жыйналыштары.
- **Коомдук угуулар –** ЖӨБ органдарынын маанилүү чечимдеринин формалдаштырылган коомдук талкуусу (бул жерде болсо жарандарга жергиликтүү бюджеттин долбоору же жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу маалымат берүү). Ал жарандардын керектөөлөрүн эсепке алуу жана жергиликтүү бюджетке сунуштарды чогултуу үчүн керек.

Алгач ЖМБА сессияларын өткөрүп, бардык көйгөйлөрдү артыкчылыктуу болгонуна карата бөлүп алыш керек. Андан соң ЖМБА фокус топторунда көйгөйдүн себептерине анализ жасалат. Пландоочу жолугушууларда жүргүзүлгөн анализге көйгөйдү чечүү боюнча кадамдар кошулуп, ресурстар аныкталат. Жыйынтыктоочу документ Биргелешкен аракеттер планы (БАП) үчүн негиз болуп берет. Чогулуштар жана коомдук угуулар БАПтагы иш-аракеттерди кеңири коомчулук менен макулдашып алуу үчүн зарыл. ЖМБАнын бардык иш-чаралары ырааттуу өтөт жана кийинки жылдын жергиликтүү бюджетинин өзөгүн түзө турган документти иштеп чыгуу максатын көздөйт.



## “Биргелешкен аракеттер планы” (БАП) деген эмне?

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы (БАП) – бул АДК, жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда диалог куруунун аспабы жана жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун алгачкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү квалификациялап, стратегиялык багытты аныктоого жол берет. БАП жергиликтүү өнүгүүнү пландоонун жалпы процессинде база да, эки ортодогу кадам да болуп эсептелет. БАП эки негизги жыйынтыкка жеткиси келет: жарандардын күнүмдүк керектөөлөрүнүн бир бөлүгүн канааттандыруу жана узак мөөнөттүү стратегиялык комплекстүү жергиликтүү өнүгүү программаларын, тематикалык (сектордук) саясатты жана башкаруу пландарын түзүү. БАП сөзсүз түрдө жергиликтүү бюджетте чагылдырылат, бирок муниципалитеттин бардык мүмкүн болгон ресурстар булактарын колдонот. Калктын реалдуу артыкчылыктарына негизделип, ошондой эле жамаат аларды ишке ашыруу үчүн өзүнө жоопкерчилик алганы БАПтын баалуулугу болуп эсептелет. ЖМБА жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн Биргелешкен аракеттер планы (БАП) муниципалитеттин өнүгүү стратегиясынын, же аны ишке ашыруу боюнча аракеттер планынын бир бөлүгү болушу мүмкүн. Ошондой эле БАП айыл өкмөтүнүн, же айылдык кеңештин иш планынын бөлүгү болушу мүмкүн, ага курамдык бөлүгү катары кошула алат, же өнүгүү жана башкаруу боюнча башка пландардын негизи боло алат. БАП – бул жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жана сапатын жогорулатуу өңдүү башкы максатка жетүүгө багытталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу аспабы. Планды иштеп чыгуу үчүн маалыматтын негизги булагы – ЖМБА иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун отчетторунан алынган ЖМБА иш-чаралар жыйынтыгы.



## КӨЙГӨЙ ПЛАНДАШТЫРУУ АРКЫЛУУ ЧЕЧИЛЕТ

**Шор-Булак айылында бир жарым миңдин тегерегинде адам жашайт жана башка айылдардай эле жергиликтүү көйгөйлөр да көп эле. Бирок бул айылдын айырмачылыгы – анын жашоочулары алакандарын жайып отура бербестен, өздөрү жаркын келечекти куруп жатышат.**

**Акыркы жылдары Шор-Булак Айылдык ден соолук комитети артыкчылыктуу көйгөйдү аныктоо боюнча бир катар иштерди жасагандан кийин – ЖМБА иш-чараларын өткөргөн соң айылда кырдаал жакшы жагына өзгөрө баштады. Айыл жашоочулардын турмушуна терс таасирин тийгизип жаткан өтө курч төрт көйгөйдүн аныкталышы бул ЖМБА иш-чараларынын жыйынтыгы болуп калды. Алар: айылдагы орто мектепте таза суунун жоктугу, ички жолдордун начар абалы, талкаланган көпүрөлөр жана көчөлөрдө жарыктын жоктугу.**

**Бул көйгөйлөрдүн баары чечилиш керек болчу. Бул үчүн калктын жигердүү бөлүгү жумушту топту түзүү демилгеси менен чыкты. АДК, ЖӨБО жана жамааттан турган демилгелүү топ биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгып, аны кадам-кадамы менен ишке ашырууга киришти.**

**Башында айылда коомдук угуулар өтүп, ага 90го жакын адам катышты. Ошол жерде ички жолдорду жана көпүрөлөрдү оңдоого, ошондой эле көчөлөргө жарык берүүнү уюштурууга жергиликтүү бюджеттен финансы каражаттарын бөлүү тууралуу чечим кабыл алынды. Бирок мектепти таза суу менен камсыздоо жергиликтүү бюджет үчүн оор болуп калды. Бул маселени чечүү үчүн муниципалитет АДК менен биргеликте донор уюмдарга жана мамлекеттик түзүмдөргө кайрыла баштады. Бул аракеттер текке кеткен жок – көп өтпөй өтүнмөнү донорлордун бири колдоп берди.**

**Колго тийген каражаттын эсебинен скважина бургуланып, мектепте суу түтүк системасы өткөрүлүп, жуунгучтар жана суу жылыткычтар орнотулду. Калк да четте карап турган жок. Жашоочулардын эмгек салымы 100 миң сомдун тегерегинде болду. Жарым жылдан кийин эле мектепте суу пайда болду.**

**Өз иши менен Шор-Булак айылынын АДКсы дыкат пландоо жана биргелешкен иш менен көйгөйдү чечүү мүмкүн болгонун далилдеди. Биргелешкен аракеттер планы ЖМБАнын алкагында аныкталган көйгөйлөрдүн баарын чечүүдө натыйжалуу аспап болуп калды.**

## Биргелешкен аракеттер планын кантип иштеп чыгыш керек?

Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгууну артыкчылыктуу маселелерди чечүү жолдорун чогуу талкуулоодон башташ керек. Бул үчүн демилгелүү топ түзүлүп, ага АК депутаттары, АӨ адистери, эксперттер, ЖМБА сессиялардын жана ЖМБА фокус-топторунун жигердүү катышуучулары, жергиликтүү жамааттын лидерлери, ошондой эле АДК өкүлдөрү, бюджеттик уюмдардын кызматкерлери өңдүү жергиликтүү жамааттын лидерлери чакырылат. Биргелешип талкуулоо маалында артыкчылыктуу көйгөйлөр талкууланып, аларды чечүү боюнча катышуучулардын пикирлери ортого салынат. Ошондой эле:

- жумушчу топ тарабынан даярдалган ЖМБА сессияларынын жана фокус-топторунун натыйжалары тууралуу жалпы маалымат берилет;
- жарандардын демилгелүү топтору айылдык аймак калкынын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн айтып беришет;
- артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча катышуучулардын сунуштарын уюштуруучулар чогултат.

Жамаат ЖӨБ органынын пландоо процессине жөн гана катышып койбош керек. Жарандар планды өз колу менен жазганы өтө маанилүү! Бирок муну практикада кантип ишке ашырууга болот? Албетте, пландуу жазууга жамаат толугу менен катыша албайт. Ага ЖМБА сессиялары жана ЖМБА фокус-топтору маалында мындай ишке даярдыгын көрсөтө алган жамааттын жигердүү өкүлдөрү катышат. Жамааттын мына ошол жигердүү катышуучуларынан демилгелүү топ түзүлөт. Алар – кайра уюштуруунун кыймылдаткыч күчү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги өнөктөштөрү. Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу демилгелүү топтордун атынан жамааттын жана жумушчу топтун атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жигердүү катышуусун талап кылат. Жумушчу топ биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу боюнча бир нече жолугушууларды өткөрөт. Ага жергиликтүү жамааттын лидерлерин жана сөзсүз түрдө адистер менен эксперттерди чакыруу зарыл. Планды иштеп чыгуу процессинде катышуучулар төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарышы керек:

- көйгөйлөрдү туура аныктап алыш керек;
- реалдуу узак мөөнөттүү өзгөрүүлөргө жетүүгө багытталган өлчөнө турган максаттарды коюш керек;
- конкреттүү жетишкендиктердин сериясы түрүндө милдеттерди аныктап алуу зарыл;
- белгилүү бир тапшырмалардын алкагында иш-чараларды сүрөттөйт;

- биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышына баа берип, мониторинг жүргүзүүгө жол берген өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү ойлонуштуруп, белгилеп алуу зарыл;
- иш-чаралар аткарылчу мөөнөттү аныктоо керек;
- жооптуу аткаруучулар дайындалууга тийиш;
- пайда алчулардын (бенефициарлардын) чөйрөсүн белгилеп, алар планды ишке ашыруудан, артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча конкреттүү тапшырмаларды аткаруудан улам алчу пайданы сүрөттөп берүү керек;
- кызыкдар жактардын жана каржылоо булактарынын салымдары так аныкталууга тийиш.

Андан ары артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планын элеттик чогулушта жергиликтүү жамаат менен талкуулап, бул планды муниципалитеттин жергиликтүү бюджетине киргизип калууга умтулуу зарыл.

## Биргелешкен аракеттер планы кантип ишке ашат?

БАПты аткаруу, мыйзамдарга ылайык, ЖӨБ органдарынын компетенциясына кирет. Ошондуктан БАПты ишке ашыруу процессинде координациялоочу ролду аткаруучу орган – айыл өкмөтү аткарат. Түрдүү себептерден улам аткаруучу органда өнүгүү боюнча иш-чараларды аткаруу үчүн ресурстар чектелүү болот. Ошондуктан планды аткарууга катышкандардын баарынын – аткаруучу органдын (айыл өкмөтү), жергиликтүү кеңештин, демилгелүү топтордун жана жергиликтүү жамааттын – ролун так аныктап, макулдашып алуу маанилүү.

Ошондой эле ЖМБА жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн Биргелешкен аракеттер планы (БАП) айылдык аймактын Өнүгүү стратегиясынын, же аны ишке ашыруу боюнча аракеттер планынын бир бөлүгү болушу мүмкүн экенин белгилей кетүү зарыл. Мындан тышкары план айыл өкмөтүнүн, же жергиликтүү кеңештин иш планынын бөлүгү болушу мүмкүн, ага курамдык бөлүгү катары кошула алат, же өнүгүү жана башкаруу боюнча башка пландардын негизи боло алат. Калктын реалдуу артыкчылыктарына негизделип, ошондой эле жамаат аларды ишке ашыруу үчүн өзүнө жоопкерчилик алганы БАПтын баалуулугу болуп эсептелет. Ошондуктан демигечилердин БАПка ЖӨБ органы кол койгону менен чектелип калбастан, БАПты айылдык аймактын Өнүгүү стратегиясына же аны ишке ашыруу боюнча аракеттер планына кошууга умтулганы өтө маанилүү. Мындай учурда БАП узак мөөнөттүү жергиликтүү программага айлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

## Демилгелүү топтор кантип түзүлөт?

Демилгелүү топтордун курамы АӨ өкүлдөрүнөн, АК депутаттарынан, АДК өңдүү жергиликтүү жарандык коом уюмдарынын мүчөлөрүнөн жана жергиликтүү жамааттын жигердүү мүчөлөрүнөн турат. Ошондой эле демилгелүү топтордун курамына мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин ж.б. өкүлдөрү кирет.

Демилгелүү топтордун мүчөлөрү аныкталган артыкчылыктуу көйгөйдүн айрым аспекттерин чечүү боюнча ыктыярдуу түрдө өзүнө милдеттенмелерди алышат. Ошону менен бирге ДТнын ар бир мүчөсү иштин белгилүү бир участогу үчүн жооп берет. Ал эми ДТнын лидери топтун ишин координациялап, ЖӨБ органдары менен өз ара аракет тууралуу жана башка зарыл маалыматтар менен камсыздап турат.

Демилгелүү топтордун милдеттери төмөнкүдөй:

- биргелешкен аракеттер планын даярдоого катышуу;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшүү;
- биргелешкен аракеттер планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө катышуу;
- биргелешкен аракеттер планын аткаруунун жүрүшү тууралуу калкты маалымдоого катышуу;
- аныкталган көйгөйлөр боюнча жыйындарга катышуу (баяндамаларды даярдоо, аларды жол-жоболоштуруу ж.б.).

Демилгелүү топтун жыйындары ачык чогулуш түрүндө өткөрүлөт. Жетекчиси болсо демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн ичинен тандалат.

Демилгелүү топтун ийгилиги эки фактор менен аныкталат. Биринчиден, демилгелүү топтордун ишин, алардын жергиликтүү кеңеш менен өз ара аракетин, ЖӨБдүн аткаруучу органдары менен туруктуу кызматташуусун жөнгө салуу жана документтештирүү зарыл.

Экинчиден, ушул топтордун мүчөлөрүнүн мотивациясы тууралуу да унутпаш керек. Алар жалпы жамааттын жыргалы үчүн өзүнүн бош убактысын коротуп, өз ресурстарын колдонгон ыктыярчылар. Мындан улам ЖӨБ органдары ушул “жардамчылар отрядынын” жигердүү жана конструктивдүү ишмердиги үчүн колдо болгон материалдык эмес стимулдарды иштетиш керек. Бул жерде моралдык колдоо да, коомчулуктун ыраазычылыгы да, маалыматтарды

адаттагыдан айырмаланып ыкчам берүүгө, маанилүү деталдарга жеткиликтүүлүгүн камсыздоого даярдык да болуш керек. Айыл өкмөт башчы ДТ мүчөлөрүнүн ар бирин тааныш керек жана алар ошондой ишенимде болууга тийиш. Ошондой эле ДТ ишине материалдык көмөк көрсөтүү зарыл: жолугушуп туруу үчүн жерди даярдап, керектүү материалдар жана кеңсе товарлар менен камсыздап туруу керек.

Активисттер менен кызматташып, жергиликтүү жамааттардын формалдуу лидерлери – ЖӨБ органдарынын жетекчилери – активисттер менен ыктымал тирешүүлөрдү алдын алып, калктын көбүрөөк колдоосуна ээ болушат.

## Биргелешкен аракеттер пландарын аткарууда айыл өкмөттүн ролу кандай болот?

**Пландоо.** Бул функциянын жардамы менен иштин максаттары, каражаттар жана алдыга коюлган максаттарга жетүүнүн өзгөчө эффективдүү усулдары, өнүгүүнүн ыктымал багыттарына божомол, стратегиялык пландар аныкталат. БАПка карата пландоо функциясы аткарылып калган болот.

**Уюштуруу.** Бул жерде ЖӨБдүн аткаруучу органына негизги роль берилген – БАПтын аткарылышын уюштуруу жана координациялоо. Бул үчүн алдыга коюлган максаттарга жетүү, персонал, материалдар, акча каражаттары менен камсыздоо үчүн шарттарды түзүү зарыл.


**Мотивация.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жамааттын кызматташуусу жана жалпы максаттар үчүн биргелешип иш алып баруу учун жагымдуу шарттарды түзүү жагынан алып караганда көп нерсе аткаруучу органдан көз каранды.

**Көзөмөл.** Планды аткаруу процессинин катышуучуларынын баары эле ЖӨБдүн аткаруучу органына түздөн түз баш ийбегенин эске алганда “ишен, бирок текшер” эрежесин карманыш керек. Демилгелүү топтун мүчөлөрү, жамаат өкүлдөрү акысыз иштей турганын, алардын да өз турмушу, иши бар болгонун унутпаш керек. Мындан улам алар БАПты аткарууга катышууда бардык убактысын бөлө албайт жана бир нерсени байкабай калышы мүмкүн.

## Биргелешкен аракеттер планын аткарууда айылдык кеңештин ролу кандай болот?

Биздин өлкөнүн мыйзамдары жергиликтүү кеңештерди калк түзгөн негизги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катары белгилешет. Жергиликтүү кеңештер аймактын өнүгүү программаларын, пландарын бекитүү үчүн жооп берет, БАП анын бир бөлүгү катары эсептелет. Алар негизги ченемдик укуктук актыларды чыгарат, жергиликтүү жамааттын турмуш тиричилигин уюштурууда маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алышат.

Өкүлчүлүктүү органдар тиешелүү аймактын өнүгүү программаларын, пландарын бекитүүдө өзгөчө укукка ээ. Бул документтердин долбоорлорун айыл өкмөтүнүн аткаруучу органдары даярдайт. БАПты кабыл алгандан кийин жергиликтүү кеңеш анын аткарылышын, ошонун ичинде каражаттардын максаттуу колдонулуп-колдонулбаганын контролдоо укугуна ээ. Кеңеш өз отурумдарында тиешелүү жетекчилердин отчетторун угат. Жергиликтүү кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде маселелерди кароого жана алар боюнча чечим кабыл алууга укуктуу.




***3-сүрөт. Жергиликтүү кеңештин БАПты бекитүү жана аткарылышын көзөмөлдөө процесси***

## Биргелешкен аракеттер планын аткарууда жергиликтүү жамааттын ролу кандай болот?

Биргелешкен аракеттер планын кабыл алгандан кийин жергиликтүү жамааттын ролу БАПтын аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө камтылган. БАПты иштеп чыгуу менен алектенген демилгелүү топ биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу боло алат. Мониторинг тобунун курамына кирип, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү БАПтын ишке ашырылышына байкоо жүргүзүп турса болот. Жергиликтүү жамаатты БАПты ишке ашырууга тарткан учурда процессти көзөмөлдөө да абдан маанилүү. Алдыга коюлган тапшырмалардын өз убагында аткарылышы үчүн БАП ишке ашырыла баштаганда эле АДК өңдүү жергиликтүү жамааттын жигердүү мүчөлөрүнүн процесске тартылганы маанилүү.



# Коомдук иш-чаралар (чогулуштар жана коомдук угуулар АДКнын жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары)




## Жарандардын чогулуштарын жана жыйындарын өткөрүү канчалык зарыл?

Чогулуштардын максаты – ЖМБА жыйынтыктары жана адамдардын ден соолугуна таасирин тийгизген, аныкталган жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча пландалган иш-аракеттер тууралуу жергиликтүү жамаатка маалымат берүү. Чогулуштар жана жыйындар жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин эсепке алуу максатында өткөрүлөт. Айылдык кеңештин депутаттарынын жана айыл өкмөт башчынын маалыматы угулат жана талкууланат. Айылдык чогулуштар бир көчөнүн, бир кварталдын, микрорайондун же айылдын аймагында жашаган жергиликтүү жамааттын жана АДК мүчөлөрүнүн катышуусу менен өткөрүлөт. Бардык катышуучулардан сунуштар кабыл алынат. Чогулуштарга даярдык көрүү, өткөрүү жана жыйынтыктарын аныктоо айкындык жана элдин катышуусу менен жүргүзүлөт. Чогулушта талкууланган маселелер боюнча түшкөн суроолорго, сунуштарга, эскертүүлөргө жана сунуштамаларга мүмкүнчүлүк болсо жеринде жооп кайтарылат. Эгерде жеринде

жооп берүү мүмкүн болбосо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан үч күндүн ичинде каралат, жыйынтыктары айылдык чогулуштун катышуучуларына жазуу түрүндө берилет. йылдык чогулушту өткөрүүгө байланышкан чыгашалар жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен жабылат.

## ЧОГУЛУШ ТУУРА ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУГА ЖАРДАМ БЕРДИ

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү – айыл өкмөт башчылары жана депутаттар – элеттиктер аймак турмушуна кайдыгер мамиле жасайт, айылдык чогулуштарга келишпейт жана жыйындарга катышпайт деп көп даттанышат.**

**Адамдарды айыл турмушуна кантип тартса болот? Жообу жөнөкөй: адамдар менен сүйлөшө башташ керек жана алардын сөздөрүнө кулак төшөө зарыл. Элеттиктердин айта турганы, даттана турган маселелери көп эле. Бирок ошол эле маалда алар өз көйгөйлөрүн жана кыйынчылыктарын чечүүнүн жакшы жолдорун да сунуштай алышат. Эң негизгиси – орток тил табуу керек.**

**Мисалы, Советское айылында өткөн чогулушта ЖМБА иш-чараларынын алкагында аныкталган айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн талкуулоо макулдашылган эле. Айыл өкмөттүн ар бир баяндамасын, ар бир презентациясын адамдар кунт коюп угушту. Айыл өкмөтү көтөрүп чыккан көйгөйлөр өтө курч кабыл алынды. Спорт аянтчасын куруу жана айылдагы негизги көчөлөрдүн бирин оңдоо маселесине кезек жеткенде элеттиктер өзгөчө жандана түштү.**

**Акыркы жылдары аймакта өткөрүлүп жаткан иш-чаралар жергиликтүү тургундарды коомдук турмушка тартып, жергиликтүү маселелерге, аларды чечүү жолдоруна кызыгуусун пайда кылып, кайдыгер карабоого, турмуш шартка таасир тийгизген чечимдерди кабыл алууга мүмкүн болушунча катышууга көндүрдү. Ошондуктан айыл өкмөтү жайкы спорт аянтчасын куруу ниети бар экенин уккан элеттиктер өзгөчө кызыкдарлыгын билдиришти. Ошентсе да жергиликтүү бюджеттеги каражаттар бир гана объектке жетмек. Жаштар арасында спортту өнүктүрүүнү тургундар канчалык колдобосун, акчаны андан да маанилүү маселени чечүүгө – жолдорду оңдоого багыттоо зарыл деген пикир айтылды.**

**Жол маселеси көптөн бери курч турган. Талкаланган жолдор жашоочулардын машинелерин да бузуп, кырсыктар үчүн шарт түзүп келген. Мунун баары элеттиктердин саламаттыгына жана үй-бүлөлүк бюджетине чоң таасир тийгизген. Натыйжада, жалпы чогулушта калктын пикирин эсепке алуу менен акчаны жолдордун ремонтуна жумшоону чечишти. Калк АДК мүчөлөрү менен биргелешип тиешелүү жумушчу топту түзүү демилгесин көтөрдү.**

## Айылдык чогулуштарда кандай маселелер каралат?

Айылдык чогулуштарда төмөнкүдөй кеңири чөйрөдөгү маселелер талкууланышы мүмкүн:

- жергиликтүү жамааттын уставынын долбоору, ошондой эле жергиликтүү жамааттын уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө ченемдик укуктук актынын долбоору;
- айылдык аймакты өнүктүрүүнүн пландарынын жана программаларынын долбоорлору, анын ичинде аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө долбоорлор;
- айылдын, кварталдын, көчөнүн белгилүү болгон өзгөчө көйгөйлөрүн чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планы;
- айылдык аймакта этностор аралык мамилелерди жакшыртуу, этностор аралык жаңжалдарды болтуроо боюнча алдын алуу жумуштарын жүргүзүү;
- жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануунун жана тескөөнүн тартибин белгилөө;
- ичүүчү сууну, сугат сууну пайдалангандыгы (эгер болсо канализация, жылуулук менен камсыз кылуу), ошондой эле тиричилик калдыктарын жана таштандыларды жыйноо жана чыгаруу үчүн тарифтерди талкуулоо;
- турак жай фондусун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана көчөлөрдү, кварталдарды, айылдарды көрктөндүрүү;
- аймакты куруунун башкы планы, архитектура жана шаар куруунун нормаларын жана эрежелерин сактоо маселелери;
- жергиликтүү жамааттар демилгелеген (элдик демилге) ченемдик укуктук актылардын долбоорлору);
- айыл башчысынын талапкерлигин кароо жана айыл өкмөтүнүн башчысы болгон айыл башчысынын кызмат ордуна дайындоого макулдук берүү;
- айылдык кеңештин депутаттарынын, айыл өкмөтүнүн башчысынын бир жылдагы (жарым жылдагы) ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарын угуу;
- айыл аймагынын территорияларынын чектеринде айыл аймактарын, калктуу конуштарды түзүү жана жоюу тууралуу маселелерди талкуулоо, алардын чек араларын белгилөө

жана өзгөртүү, административдик борборду белгилөө жана которуу, калктуу конуштардын категорияларын аныктоо, айыл аймагын, айылдарды, көчөлөрдү атоо жана кайра атоо, ошондой эле алардын аталыштарындагы транскрипцияларды өзгөртүү;
- жергиликтүү жамааттын турмуш-тиричилигин камсыз кылууга байланышкан башка маселелер.

## Айылдык чогулуштарды ким жана канчалык тездик менен демилгелөөгө укуктуу?

Айылдык чогулуштар айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык кеңештин депутаттары тарабынан, ошондой эле жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн (демилгелүү топтун) сунуштары боюнча зарылчылыкка жараша пайда болгон маселелерге ылайык өткөрүлөт. Чогулуштар жылына эки жолудан аз эмес, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн алдын ала кабарлоо аркылуу чакырылат.

Шашылыш маселелерди чечүү үчүн чогулушту айыл өкмөт башчысы, же айылдык кеңеш, же анын төрагасы өткөрүшү мүмкүн. Бул иш-чаранын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнө жана кызыкдар тараптарга алдын ала кабар берүү менен өткөрүү зарыл.

Айылдык чогулуштарды өткөрүү демилгесин жергиликтүү жамааттын (демилгелүү топтордун) мүчөлөрү, айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөт башчылары, айылдык кеңеш көтөрө алат.

Жашоочулар (жергиликтүү жамаат) айылдык чогулушту өткөрүү боюнча демилгелүү топту түзүүгө укуктуу. Демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн санын жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары белгилейт.

Эгерде демилгелүү топ, айылдык кеңештин депутаттары айылдык чогулушту өткөрүүнүн демилгечиси катары чыккан учурда, анда алар айыл өкмөтүнүн башчысына, айылдык кеңештин төрагасына өздөрүнүн кайрылуусунда белгиленген жергиликтүү маанидеги маселе (маселелер) боюнча айылдык чогулуш өткөрүүнүн зарылдыгы жөнүндө кайрылуу жөнөтүшөт.

Эгерде айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык кеңеш же болбосо анын төрагасы айылдык чогулушту, коомдук угууну өткөрүү демилгесин көтөрсө, айылдык чогулушту өткөрүү жөнүндө чечим, тийиштүүлүгүнө жараша, айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык кеңеш же болбосо анын төрагасы тарабынан өз алдынча кабыл алынат.

## ЧОГУЛУШТАРГА КАТЫШУУ АРТЫКЧЫЛЫКТУУ МАСЕЛЕНИ ТУУРА ТАНДАП АЛУУГА ЖАРДАМ БЕРЕТ

**Таш-Мойнок айылында айыл өкмөтү артыкчылыктуу долбоорду тандоо жана аны донордон грант алууга көрсөтүү үчүн чогулуш өткөргөндө айыл өкмөт башчысы өзү жыйынтыгы кандай болоорун божомолдой алган эмес. Айыл өкмөтүнүн техникалык базасын күчөтүү үчүн трактор сатып алуу жана аймактын чегиндеги үч бала бакча үчүн эмерек жана жабдууларды сатып алуунун ортосунда тандоо жасаш керек эле.**

**Айыл өкмөт башчысы калк тракторду сатып алууну тандайт деп үмүттөнгөн. Анткени трактордун жардамы менен айылдагы көптөгөн көйгөйлөр чечилмек. Бирок жашоочулардын көпчүлүгү бала бакчалар үчүн эмерек жана жабдууларды сатып алуунун пайдасына добуш беришти.**

**Бул окуя калкты айылдык чогулушка катышууга тартуу, ал эми калктын өзүнө ушул өңдүү иш-чараларга катышуусу канчалык маанилүү болгонун көрсөтүп турат. Эгерде чогулушту уюштурбаганда калк өзүнүн муктаждыктарын жеткире албай калмак жана мунун натыйжасында айыл өкмөт башчысынын ишине нааразылыгын билдирмек. Чогулушка катышуу – бул формалдуулук эмес. Бул жергиликтүү жамаат үчүн айыл өкмөт башчы менен жергиликтүү кеңештин депутаттарына өз үнүн жеткирүү мүмкүнчүлүгү.**

## Калкты айылдык чогулушка катышууга кантип тартса болот?

Калкты иш-чарага катышууга тартуу үчүн туура даярдалган жана өткөрүлгөн маалымат өнөктүгү зарыл. Анын алкагында иш-чара тууралуу маалыматты жашоочулар үчүн мүмкүн болушунча жеткиликтүү боло тургандай түрдө жайылтуу керек. Маалымат өнөктүгүнүн алкагында жумуштардын төмөнкүдөй түрлөрүн жасаш керек:

- чогулушка чакырган афиша/баннер/жарыяларды даярдап, илип чыгыш керек;
- чакыруу баракчаларын жайылтып, таратуу зарыл;
- ЖМБАнын жана биргелешкен аракеттер пландарынын жыйынтыктары боюнча презентациялардын материалдары менен маалымат керегелерин жасалгалоо зарыл (чогулушка чейин жана андан кийин);
- жергиликтүү радио жана телевидениеге жарыя берип (жүгүртмө сап), жергиликтүү басылма жана интернет аркылуу маалымдоо керек (чогулушка чейин жана андан кийин).

Жогоруда аталган пункттардын баары эле айылдык чогулуштар-

да колдонула бербейт. Бирок калкка чогулушка чейин жана андан кийин маалымат берүү деген пунктту сөзсүз ишке ашыруу зарыл. Ал кандай аспаптын жардамы менен жасала турганы маанилүү эмес.

## Коомдук угуулар деген эмне?

Коомдук угуулар – калктын кызыкчылыгын эске алуу менен жамааттын турмушунун маанилүү маселелери боюнча калктын пикирин иликтеп билүү, алардын катышуучуларынан сунуштарды жана сунуштамаларды алуу жана ыңгайлуу, таразаланган чечимдерди аныктоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча өткөрүлүүчү, ачык талкуу формасында уюштурулган иш-чара. Коомдук угуулар коомчулук ЖӨБ органдары сунуштаган чечимди канчалык колдоорун аныктоого жардам берет, калкка талкууланган маселе боюнча өзүнүн ой пикирин айтууга жана ЖӨБ органдарынын жетекчилеринен суроолорго жооп алууга шарт түзөт; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын иши калкты канчалык канааттандырарын билүүгө жардам берет.

Коомдук угуулар жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча өткөрүлүшү мүмкүн, аларды чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын туура чечимдерди кабыл алуулары үчүн жергиликтүү жамааттын ой пикирлери өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Коомдук угуулардын максаттары:

- ЖӨБ органдары үчүн: коомчулук ЖӨБ органдары сунуштаган чечимди канчалык колдоорун түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, ошондой эле алардын иши калкты канчалык канааттандырарын билүүгө жардам берет; зарыл болгон учурда өз иш-аракеттерин элдин пикирин эске алуу менен оңдоп-түзөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- калк үчүн: талкууланган маселе боюнча өзүнүн ой пикирин айтууга;
- жарандар үчүн: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилеринен суроого жооп алууга.

## Коомдук угууларда кандай маселелер көтөрүлөт?

Коомдук угууларда кууш чөйрөгө киргел маселелер гана талкууга алынат. Алар:

- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу;

- муниципалдык менчикти башкаруу (муниципалдык жерлерди, объекттерди ж.б. сатуу, ижарага берүү, пайдалануу);
- ичүүчү жана суугат суу боюнча, канализация, жылуулук менен жабдуу, турмуш-тиричилик калдыктарды жыйноо жана ташып чыгаруу ж.б. тарифтерди бекитүү;
- жергиликтүү жамааттын жашоо-турмушун камсыз кылуу менен байланышкан башка маселелер.

Коомдук угуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан милдеттүү түрдө төмөнкү маселелер боюнча өткөрүлөт:

- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу боюнча маселелер жыл сайын өткөрүлөт;
- муниципалдык мүлктү башкаруу стратегиясынын долбоорун бекитүүдө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекет тарабынан башкарууга өткөрүлүп берилген муниципалдык мүлктү бекитүүдө, мындай стратегияларды иштеп чыгуу жана бекитүү учуру пайда болгондо жүргүзүлөт.
- кызмат көрсөтүүлөргө (ичүүчү суу, сугат суусу, канализация, жылуулук менен жабдуу, катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана ташып чыгаруу ж. б.) тарифтерди бекитүү маселелери боюнча коомдук угуулар зарылдыгына жараша өткөрүлөт.

Жергиликтүү жамаат үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон маселе боюнча жергиликтүү жамааттын ой-пикирин дыкат иликтөө, угуу, талкуулоо, сунуштамаларды чогултуу жана маалыматтарды алмашуу максатында коомдук угууга бирден ашпаган гана маселени алып чыгуу сунушталат.

Коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү айыл өкмөтүнө жүктөлөт жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

## Чогулуштар коомдук угуулардан эмнеси менен айырмаланат?

Чогулуштар жамааттын түрдүү деңгээлдеринде өткөрүлсө болот – айылда, көчөлөрдө, жалпы айылдык аймактын же чакан шаардын деңгээлинде. Ал эми коомдук угуулар бардык жамааттын деңгээлинде гана өткөрүлөт (чоң шаарларды кошпогондо, себеби бул техникалык жактан оор болот).

Чогулуштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси менен да, жамааттын демилгеси менен да өткөрүлсө болот. Ал эми коомдук угуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарынын демилгеси менен гана өткөрүлөт. Себеби алардын максаты – тигил же бул маанилүү чечим боюнча жамааттын колдоосуна ээ болуу.

Чогулуштар (жыйындар) жөн гана маалымдоо, ой-пикирлерди угуу максатын көздөп, жыйынтыгы – талкууну улантуу болушу мүмкүн; коомдук угуулар кабыл алынып жаткан чечимдерди жактыруу же ага түзөтүүлөрдү киргизүү максатын көздөйт (эрежеге ылайык, коомдук угуулардан кийин чечим өкүлчүлүктүү органдын – жергиликтүү кеңештин кароосуна чыгарылат).

Чогулуштан кийин маалымат берүү анын максатына жана чогулуштун же жыйындын жыйынтыгы кандай болгонуна жараша болот; угуулардын жыйынтыгы боюнча маалымат берүү – катаал талап, себеби жамаат угууларда талкууланган чечим соңунда кандай түрүндө кабыл алынганы тууралуу кепилденген маалыматка ээ болуш керек.

Чогулуштардын жана коомдук угуулардын ийгилиги көп учурда калк ага канчалык жигердүү катышканына жараша болот. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары дайыма эле жарандардын катышуусун камсыздай албайт. Жамааттын алдыда болчу иш-чарага көңүлүн буруу үчүн аны уюштурууга жана даярдоого АДК мүчөлөрүн, жергиликтүү топтордун, жамааттардын, биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун лидерлерин тартуу керек. Алардын жардамы өзгөчө жыйын тууралуу маалыматты калк арасында жайылтуу да баалуу болот. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга лоялдуу караган жергиликтүү жамааттын лидерлери тема боюнча сапаттуу суроолорду даярдоого, же күтүлүп жаткан талкуу маалында айыл өкмөттүн таламын талашууда жардамчы болот. Ошондой эле презентацияларды же сүрөт көргөзмөсүн даярдоодо жамаат лидерлеринен жардам суроо ашыкча болбойт.

**Чогулуштарды жана коомдук угууларды уюштурууда жана өткөрүүдө АДКнын ролу кандай болот?**

Ар кандай жамааттык уюмдардай эле коомдук иш-чараларды уюштурууда АДКнын ролу өзүнө төмөнкүлөрдү камтый алат:

- АДК чогулушту, коомдук угууларды өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамына кирет;
- АДК чогулуш, коомдук угууларга чейин жана андан кийин маалымат өнөктүгүн өткөрүүгө катышат;
- АДК калкты чогулушка чакырууга катышат;
- АДК чогулуштарда, коомдук угууларда ЖМБАнын жыйынтыктары тууралуу баяндама менен чыгат;

•	АДК ЖӨБ органдарына ар кандай сунуштарды жибере алат.

Бул жерде АДКнын ролу ЖӨБ органдары менен түзүлгөн мамилелерден гана көз каранды болот. АДК менен ЖӨБ ортосунда өз ара аракеттенүү жогорку деңгээлде болгон учурда АДК жигердүү тарап катары чыгып, коомдук иш-чараларды уюштурууга жардам бере алат. Эгерде АДК менен ЖӨБ органынын өз ара мамилелери анчалык бекем болбосо, анда АДК ЖӨБО уюштурган коомдук иш-чараларга катышуу менен гана чектелип коет.

Коомдук иш-чаралар ЖМБА процессинин бир бөлүгү болгон учурда АДК бул иш-чараларды өткөрүү демилгеси менен чыга алат. АДК ЖӨБ органдарына коомдук иш-чараларды өткөрүүнү колдоп берүү өтүнүчү менен кайрылса болот.



# Мониторинг жана баалоо

## МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО ТОБУ САТЫП АЛУУЛАРДЫН САПАТЫНА ТААСИРИН ТИЙГИЗЕТ

**Терек-Сай айылынын аймагында балдардын мектепке чейинки даярдыгы үчүн шарттарды камсыздоо боюнча долбоор ишке ашырылган. Долбоордун алкагында жергиликтүү бала бакча үчүн зарыл болгон эмеректер жана шаймандар сатып алынышы керек болчу. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (БМжБ) жеткирүүчүнү тандап алуу боюнча тендерге мониторинг жүргүзүп, тооруктун уюштуруучулары бардык жол-жоболорду так аткаруусу үчүн процесске дыкат көз салып турган. Биринчи жолу сатып алуулар ишке ашпай калды, себеби биринчи тендер өткөн жок деп таанылды. Экинчи тендер бир айдан кийин өтүп, анда жеңүүчү аныкталды. Көп өтпөй жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаздык, төшөк-жууркан, оюнчук, килем, парда, музыкалык аспап, музыканттар үчүн кийимдерди сатып алды.**

**Бирок БМжБ тобу ишин улантып, бул жолу акча каражаттары канчалык туура сарпталганын текшерди. Мониторингдин жүрүшүндө шаймандарды жеткирүү туура эмес жүзөгө ашканы аныкталды – келишимде көрсөтүлгөн квалификациялык талапка шайкеш келген эмес. Сатып алынган синтетикалык материалдан жасалган матрац, жаздыктарды балдар мекемелеринде колдонууга тыюу салынганы, себеби алар балдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизе турганы белгилүү болду. БМжБ тобунун мүчөлөрү башка дагы кызыктуу деталдарды таап чыгышты: "А" ЖЧК сунуштаган сумма 940 400 сом болгон, ал эми бюджеттен бул максатка 1 110 000 сом бөлүнгөн. Демек дээрлик 170 миң сом үнөмдөлүп калгандыктан бул акчаны ошол эле бала бакча үчүн оюнчук жана идиш сатып алууга сарптай турган болушту. АӨ ушундай продукцияны жеткирүү менен алектенген "Б" коомдук бирикмеси менен келишим түздү. Бирок мониторингдин жүрүшүндө БМжБ тобу жууркан-шейшептердин жана оюнчуктардын сапаты шек жаратаарын, анын үстүнө башкача жыты бар болгонун билип калды. Ошондой эле суу кайнатуу үчүн титан, килемдер, пардалар, улуттук кийимдер жана башка товарлар да бир топ сынга кабылды.**

**Натыйжада БМжБ тобу жеткирүүчүлөрдү кыска мөөнөт ичинде сапатсыз буюмдарды талапка жооп бергенине алмаштырууга мажбурлады. Көп өтпөй ушундай эле окуя эмеректерге, музыкалык аспаптарга, кеңсе буюмдарына байланыштуу кайталанды. Анда да мониторинг тобу принципиалдуулугун көрсөтүп, кемчиликтерди четтетүүнү талап кылды жана бул соңунда оң жыйынтыкка алып келди.**

## Жарандарда мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуу укугу барбы?

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча иш аракеттери. Ошондуктан биргелешкен мониторинг жана баалоо үчүн башкы укуктук негизди Конституция берет.

Мындан улам мониторинг жана баалоо процессинин катышуучусу, ошондой эле анын жыйынтыктарынын керектөөчүсү болуп төм. эсептелет:

- жарандар жана жарандык коом уюмдары;
- АДК өкүлдөрү;
- ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдары – айылдык кеңештер;
- ЖӨБдүн аткаруучу органдары – айыл өкмөтү.

БМжБ процессинде мамлекет да кызыкдар тарап экенин унутпашы керек. Себеби БМжБ топтору ЖӨБ органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого катыша алат. Мындан тышкары көзөмөлдөөчү мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарынын ишин текшерүүдө БМжБ топторунун ишинин жыйынтыктарын да колдоно алат.

2014-жылдын январында “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган. Аталган Мыйзам мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган ченемдик укуктук акттарга, стратегияларга, программаларга, пландарга мониторинг жана баалоо жүргүзүү жолу менен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук базасынын эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун арттыруу максатын көздөйт.

Биргелешкен мониторинг жана баалоонун негизги жоболору ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) бекиткен жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында көрсөтүлгөн. Жергиликтүү жамааттар өз уставын талкуулоо жана кабыл алуу учурунда ошол жоболорду өзгөртүп, толуктай алат. Анткен менен маанилүү элементтерин сактап калуу сунушталат, аларсыз МжБ системасы майнаптуу иштей албай калат.

## Биргелешкен мониторинг жана баалоо деген эмне?

Биргелешкен мониторинг жана баалоо айылдын артыкчылыктуу маселелерин аныктоо жана чечүү боюнча ачыктыкты, айкындыкты камсыз кылуу жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн жергиликтүү коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алууга тартуу, ошондой эле жергиликтүү жамааттын, донор уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айылдык аймактын өнүгүүсүнө чегерилген каражаттарынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жүзөгө ашырылат.

Биргелешкен мониторинг жана баалоонун максаттары болуп төм. эсептелет:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын ишине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүү;
- айылдык аймактын территориясында жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттерден, эл аралык жана башка донор уюмдардын, демөөрчүлөрдүн жана мыйзамдар менен тыюу салынбаган башка булактардан каржыланчу жергиликтүү демилгелерди, долбоорлорду, программаларды иш жүзүнө ашыруу натыйжаларына мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
- жергиликтүү демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруу процессин, ошондой эле муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- этникалык жаңжалдарды алдын алуу жана болтурбоо максатында айылдык аймактын чегинде этникалык мамилелерге мониторинг жүргүзүү.

Жогоруда көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруу үчүн айылдык кеңеш биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча жумушчу топ түзүүгө укуктуу. Айылдык кеңеш мониторинг жана баалоо боюнча кошумча жумушчу топторду түзүүгө укуктуу. Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топтордун ишин жүзөгө ашыруу тартибин айылдык кеңеш аныктайт.

## МжБ тобуна кимдер мүчө боло алат?

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун курамына айылдык кеңештин депутаттары, АДК мүчөлөрү өңдүү жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү, демилгелүү топтордун өкүлдөрү,

жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ж.б. кирсе болот. Топтун курамын айылдык кеңеш бекитет.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топ төм. мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө укуктуу:

- айыл өкмөтүнүн жана анын структуралык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле муниципалдык уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын иш-аракеттерине;
- тиешелүү аймактын жергиликтүү жамаатынын турмуш тиричилигин камсыздоо боюнча кызмат көрсөткөн коомдук уюмдардын жана бирикмелердин (суу пайдалануучулар ассоциацияларынын (СПА), таза суу керектөөчүлөрүнүн айылдык коомдук бирикмесинин (ТСКАКБ) ж.б.) иш-аракеттерине;
- айылдык аймактын өнүгүү пландарын (анын ичинде биргелешкен аракеттер пландарын, социалдык-экономикалык өнүгүү пландарын, стратегиялык өнүктүрүү пландарын ж.б.) ишке ашырууга;
- жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттен, эл аралык жана башка донор уюмдардын, демөөрчүлөрдүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган булактардан каржыланып, ишке ашырылуучу жергиликтүү демилгелердин / долбоорлордун / программалардын ишке ашырылуусуна.

## КУРУЛУШТУН САПАТЫ БМжБ ТОБУНАН КӨЗ КАРАНДЫ БОЛОТ

**Тогуз-Тородо гранттык каражатка коомдук китепкананын курулушу пландалган. Курулуш башталганга чейин айыл өкмөтү бардык эрежелерди сактап, тендер жарыялаган жана аны жергиликтүү компания утуп алган. Курулуш жүрүп жаткан маалда подрядчы орой ката кетирди: чоң терезелердин ордуна форточка орнотуп койгон. Эгерде мунун алдында түзүлгөн БМжБ тобу болбогондо бул ката билинбей калмак. Аталган топ подрядчы курулуш нормаларынан четтеп кеткенин өз маалында байкап калган. Бул тууралуу ЖӨБ органына маалымат берилип, ал өз кезегинде реакция жасап, подрядчыны катаны оңдоого, бекитилген долбоор боюнча чоң терезелерди орнотуп чыгууга милдеттендирди. Ошентип курулуш иштери ийгиликтүү аяктады. Эми китепкананын залы жарык жана ыңгайлуу болуп калды. Мунун баары БМжБ тобунун кыраакылыгынын жана жоопкерчилигинин арты менен мүмкүн болду.**

## Мониторинг жана баалоо боюнча топ кандай тапшырмаларды аткарат?

- жумуштун планын (графигин) бекитет;
- сурамжылоолорду (анкеттөөнү) жүргүзөт;
- жерине баруу менен, ишке ашырылган долбоордон көрсөтүлүүчү кызматтарды жана/же пайда алуучулар менен түздөн-түз маектерди жүргүзөт;
- документтерди (анкеталарды, графиктерди, отчетторду, каттоо журналдарын, катышуучулардын тизмесин) талдоону жүзөгө ашырат;
- тиешелүү иш-чараларга (тендер, сатып алуу, демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруу) катышат;
- демилгелердин/долбоорлордун/программалардын өз убагында бүткөрүлүшүн жана/же көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын камсыз кылуу үчүн сунуштамаларды берет;
- демилгелерди/долбоорлорду/программаларды аткаруунун жүрүшүндө, кызмат көрсөтүүлөрдө табылган көйгөйлөр, ошондой эле өзүнүн аткарган жумуштарынын натыйжалары жөнүндө айыл өкмөтүн, айылдык кеңешти жана жергиликтүү жамаатты өз убагында кабарландырат;
- пландарды ишке ашыруу боюнча, кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча, долбоордун аткарылышынын жүрүшүнө түзөтүү киргизүү боюнча сунуштарды берет.

Айыл өкмөтү максаттарга жетүүгө жана маселелерди чечүү үчүн өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун түзүүгө укуктуу.

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун иштеринин натыйжалары маалыматтык керегелерге илинет, жарыяларда, жалпыга маалымдоо каражаттарында таратылат, ошондой эле талкуулоо үчүн айылдык чогулуштарга, коомдук угууларга, курултайларга киргизилиши мүмкүн.

Айыл өкмөтүнүн бардык ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү менен алектене турган туруктуу БМжБ тобун түзүү сунушталды. Зарыл болгон чакта жергиликтүү кеңештин токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизип, топтун мүчөлөрүн алмаштырса болот. Бул мониторинг жана баалоо өткөрүү тажрыйбасына ээ болгон БМжБ тобунун били-

мин жана көндүмдөрүн “жоготуп алуу” тобокелчилигин алдын алуу максатында сунушталууда. БМжБ боюнча туруктуу топ төм. мониторинг жана баалоо жүргүзөт:

- айыл өкмөтүнүн жана анын структуралык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле муниципалдык уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын иш-аракеттерин;
- тиешелүү аймактын жергиликтүү жамаатынын жашоо-турмушун камсыздоо боюнча кызмат көрсөткөн коомдук уюмдардын жана бирикмелердин (суу колдонуучулар ассоциацияларын (АВП), таза суу керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси (ТСКАКБ ж.б.) иш-аракеттерин);
- айылдык аймактын өнүгүү пландарын (анын ичинде биргелешкен аракеттер пландарын, социалдык-экономикалык өнүгүү пландарын, стратегиялык өнүктүрүү пландарын ж.б.);
- жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттерден, эл аралык жана башка донор уюмдардын, демөөрчүлөрдүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардан каржыланып ишке ашырылуучу жергиликтүү демилгелердин/долбоорлордун/программалардын ишке ашырылуусун;
- ишканаларды менчиктештирүүгө жана айыл өкмөттүн балансына социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди жана алардын иштеши үчүн зарыл болгон жабдууларды өткөрүүгө;
- муниципалдык менчикте турган жерлерди, ошондой эле Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна таандык жерлерди үнөмдүү пайдалануу боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылуусуна;
- жамааттын ресурстарын үнөмдүү пайдалануу боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылуусуна;
- жергиликтүү бюджетти түзүүгө, аткарууга жана колдонууга, жергиликтүү жамааттын бюджеттен тышкаркы каражаттарына, бюджеттин ачыктык индексине;
- айылдын, көчөлөрдүн, ААнын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планына;
- айылдык аймакта этностор аралык мамилелерди жакшыртууга, этностор аралык жаңжалдарды болтурбоо боюнча алдын алуу иштерин өткөрүүгө;

- таза сууну, сугат сууну, (эгерде бар болсо канализацияны, жылуулук менен жабдууну) колдонгону үчүн тарифтерге, ошондой эле катуу тиричилик калдыктарын жыйноого жана чыгарууга ж.б.

## МжБ процессинде айыл өкмөтүнүн ролу кандай болот?

Айыл өкмөтү (АӨ) өзүнүн ишинде айылдык кеңешке отчет берип турат жана айылдык кеңештин депутаттарына өзүнүн ыйгарым уктарын жүзөгө ашырууда, айылдык кеңештин сессиясына, айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын отурумдарына даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө, ошондой эле шайлоочулар алдында отчетторду даярдоого көмөк көрсөтөт. Ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга отчет берип турат.

Айыл өкмөтү калкка, жергиликтүү жамаатка кызмат көрсөтөт. Ошондуктан АӨ үчүн кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү жамаатты канчалык канааттандырып жатканына, өзүнүн башкаруучулук чечимдерине түзөтүүлөрдү киргизүүгө зарылчылык болуп-болбогонуна көз салып турганы маанилүү.

Негизи эле МжБ тобун айыл өкмөтүнүн демилгеси боюнча түзүү туура эмес чечим. Демилгени жергиликтүү кеңеш же жамаат көтөрүп чыкканы максатка ылайыктуу болмок.

ЖӨБдүн аткаруучу органы – айыл өкмөтү:

- МжБ тобунан маалыматты эсепке алуу менен жергиликтүү кеңешке отчеттуулуктун индикаторлорун сунуштайт;
- жергиликтүү өнүгүү планын түзүүдө, артыкчылыктарды аныктоодо ж.б. МжБ тобунан алынган маалыматтарды колдонот;
- өз изилдөөлөрүнө буюртма берет;
- кээде убактылуу МжБ тобун түзөт (бул сунушталбайт).

## МжБ процессинде айылдык кеңеш кандай роль ойнойт?

Айылдык кеңештер эч кимдин уруксатын албастан эле жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүүгө укугу бар. Өз ишинин натыйжалары үчүн аларды шайлаган эл алдында гана жооп беришет.

Айылдык кеңеш калк тарабынан жалпысынан ЖӨБнын аткаруу органынын ишине жана ошону менен катар кызмат көрсөтүүгө да баа берүү укугуна ээ болгон негизги жак болуп эсептелет. Ушул кезге чейин БМжБ процесстери жамааттардын деңгээлинде кеңири, бирок

башаламан жана анда-санда гана колдонулуп келди. Буга долбоорлордун мөөнөтү боюнча чектелген мониторинг жана баалоо себеп болду. Жергиликтүү кеңеш – ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органы (бюджеттик комиссия аркылуу):

- БМжБ тобу үчүн максаттарды жана тапшырмаларды аныктайт;
- отчеттуулуктун индикаторлорун бекитет;
- маанилүү багыттар боюнча өз изилдөөлөрүнө буюртма берет;
- маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алууда бюджеттик комитет менен биргеликте БМжБ тобунун сунуштарын эсепке алат.

## МжБ процессинде АДК атынан жарандар кандай роль ойнойт?

АДК МжБ процессинде түрдүү ролду ойной алат – пассивдүү же активдүү боло алат. Бардык нерсе АДКнын чечкиндүүлүгүнөн жана анын мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды. Мисалы, АДК БМжБ тобун түзүп, бул топту жетектей алат. Бул – активдүү позиция. Эгерде АДК МжБ процессине тартылууну каалабаса, анда ал пассивдүү позицияны ээлей алат: БМжБ тобунун отчеттору жаңырган иш-чараларга катышып, пассивдүү угуучу болот. Бирок мындай кырдаалда АДК өз үнүн жеткирүүгө көп деле үмүт артпай эле койсо болот.

Ошентип АДКнын ролу төмөнкүлөрдү өзүнө камтый алат, бирок булар менен чектелип калбайт:

- АДК МжБ тобунун курамына кирет;
- АДК биргелешкен аракеттер пландарына, программалардын, долбоорлордун ишке ашырылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышат;
- АДК БАПты ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу элет тургундарына маалымат берет;
- АДК ЖӨБОнун кызмат көрсөтүүлөрүн баалоонун жыйынтыгы боюнча өз сунуштарын берет.

## Мониторинг жана баалоо процессин кантип уюштурса болот?

Биргелешкен мониторинг жана баалоо процесси бир кыйла жөнөкөй, бирок кадамдардын кезегин билүү зарыл.

- Жамаат жана бардык кызыкдар жактар үчүн маалымат өнөктүгү

- МжБ пайдасы, бул топтун максаттары жана милдеттери тууралуу жамаат жана бардык кызыкдар тараптар үчүн маалымат өнөктүгүн жакшы жана сапаттуу өткөрүү зарыл.
- Топтун курамына талапкерлер тандалып алынып, биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун жетекчиси дайындалат.
- Жергиликтүү кеңеш топту бекитет.
- БМжБ тобунун иш планы даярдалат. Иштелип чыккан план "тирүү" документ болуп эсептелет, ал маал-маалы менен каралып чыгып, толукталып турса болот.
- БМжБ тобу мониторинг өткөрөт.
- БМжБ тобу отчет даярдайт.
- Мониторинг жана баалоо жыйынтыкталгандан кийин маалымат өнөктүгү өткөрүлөт. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишинин жыйынтыгы маалымат керегелеринде жайгаштырылып, жарыяларда, массалык маалымат каражаттарында таратылып, ошондой эле чогулуштарга, коомдук угууларга, курултайларга чыгарылат".

Мониторингди уюштуруунун бардык этаптары тууралуу мындан дагы толук маалыматты Өнүктүрүү саясат институтунун "Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүүсү" деп аталган окуу китебинен таба аласыз (http://www.dpi.kg/ky/publications/full/256.html).

## Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун укуктары жана милдеттери кандай болот?

МжБ тобунун укуктары:

- айылдык аймактын маселелерин талкуулоодо айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин ишине жигердүү катышуу;
- аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү, жергиликтүү бюджетти түзүү, муниципалдык менчикти колдонуу жана өнүктүрүү маселелерин көтөрүп чыгуу;
- айыл өкмөтүнө, айылдык кеңешке, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрүнө, уюмдарга, мекемелерге, ишканаларга жана алардын кызмат адамдарына сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды камтыган жамааттык кайрылууларды жолдоо;

- мамлекеттик сырга, ошондой эле жашыруун маалыматка (кызматтык сыр) киргизилген маалыматтарды кошпогондо, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын карамагында болгон маалыматтарды оозеки же жазуу жүзүндө суратып алуу;
- айыл өкмөт башчынын, төраганын жана айылдык кеңештин депутаттарынын жыл ичинде (же жарым жылда) аткарган иштеринин жыйынтыктары тууралуу жергиликтүү жамаатка маалымат берүүсү тууралуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына оозеки же жазуу жүзүндө кайрылуу жолдоо;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадимки иш убактысында муниципалдык менчиктеги объекттердин реестри тууралуу маалымат алууга (жеткиликтүүлүк) жана мазмунун үйрөнүү;
- Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна (АЖМФ) тиешелүү жерлерди, муниципалдык жерлерди жана муниципалдык менчикте турган башка мүлктү берүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөргөн тооруктарга (аукциондорго жана конкурстарга) катышууга;
- элеттик чогулуштарга, курултайларга, коомдук угууларга, айылдык кеңештин ачык сессияларына жана айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын отурумдарына, ошондой эле муниципалдык ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын чогулуштарында жетекчинин макулдугу менен өз пикирин эркин билдирүүгө жана жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- тендерлерге байкоочу катары катышууга;
- жергиликтүү бюджетти түзүүгө, ошондой эле жергиликтүү бюджеттен иш жүзүндө сарпталган каражаттар тууралуу маалымат алууга;
- этникалык өңүткө айланып кетиши ыктымал болгон социалдык жана башка мүнөздөгү жаңжалдарды алдын алуу боюнча жергиликтүү бийликке жана тартип коргоо органдарына көмөк көрсөтүүгө;
- көрктөндүрүү, ремонт жасоо жана аймактын санитардык тазалоосу боюнча иштерге катышууга;

- жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруу органдарынын чечимдеринин аткарылышына көмөктөшүүгө;
- курултайлардын жана жарандардын чогулуштарынын чечимдеринин аткарылышын уюштурууга.

МжБ тобунун милдеттери:

- АК жана АӨ тапшырмалары боюнча изилдөө жүргүзүүгө;
- документтерге анализ жүргүзүүгө жана алар боюнча сунуштамаларын берүүгө;
- мониторинг жана баалоо өткөргөндөн кийин кеңешке жана айыл өкмөткө отчет тапшырууга;
- демилгелерди, долбоорлорду, программаларды ишке ашыруунун, кызмат көрсөтүүнүн жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөр тууралуу, ошондой эле өзү аткарган иштин натыйжалары жөнүндө АК менен АӨнү өз убагында маалымдоого;
- абалды жакшыртууга өз сунуштарын берүүгө.



# Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү саясаттын аспабы катары

## Устав жергиликтүү Конституция катары

Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын ички турмуш-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин регламенттейт, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин карайт, жергиликтүү жамааттын бюджеттик процесстерге жана башка маселелерге катышуусун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жөнгө салынбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин кошуп алганда, жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө өз ара мамилелеринин тартибин аныктайт. Жергиликтүү жамааттын уставы бир катар олуттуу маселелерди регламенттейт:

- жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жергиликтүү ченем чыгаруу демилгесин ишке ашыруунун тартибин белгилөөгө жана аныктоого укугу (ЖӨБ жөнүндө мыйзамдын 14-беренеси);
- курултайдын делегаттарынын өкүлчүлүгүнүн нормаларын, аны өткөрүүнүн жана курултайдын чечимдерин ишке ашыруунун тартибин республиканын ченемдик укуктук актыларына ылайык аныктоо (ЖӨБ жөнүндө мыйзамдын 59-беренеси, 3-б.).
- жергиликтүү маанидеги маселелерди белгилөө, өзгөртүү жана токтотуу (ЖӨБ жөнүндө мыйзамдын 17-беренеси, 1-б.).
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин тартибин мыйзамдарга ылайык белгилөө (ЖӨБ жөнүндө мыйзамдын 17-беренеси, 3-б.) жана башкалар.

Жалпысынан жергиликтүү жамааттын уставдары менен жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга катышуусу, айылдын көйгөйлөрүн аныктап чыгууда жана биргелешип чечүүдө ЖӨБ органдары менен жамааттын өз ара аракеттенүүсү, ошондой эле тигил же бул калктуу конуштун салттуу, этностор аралык жана башка өзгөчөлүктөрүнө байланышкан ички жергиликтүү маселелерди чечүүгө багытталган башка нормалар жана эрежелер белгиленет.

## Устав саламаттыктын материалдык эмес детерминанттарын башкаруу аспабы катары

Саламаттык детерминанттарынын катарына үйдөгү жана мектептеги жылуулук, таза суу өңдүү турмуштун физикалык шарттары гана кирбейт. Адамдар жашап жаткан психологиялык шарттар да барган сайын маанилүү болууда. Өлкөдөгү экономикалык кыйынчылыктар көптөгөн психологиялык көйгөйлөрдү жаратууда. Бирок баары эле аны өз алдынча жеңе албай жана жамаат бул багытта биргелешкен аракеттерди көрсө болот. Жамааттын мүчөлөрүнүн ден соолугуна таасирин тийгизген материалдык эмес жашоосундагы айрым маселелер да уставда чагылдырылса болот. Мисалы, аракечтик, тамеки чегүү, баңгилик – устав аркылуу АДК жамаат менен биргеликте бул көрүнүштөрдүн жайылуусуна бөгөт койгон жүрүм-турум эрежелерин иштеп чыга алат. Ушул эле ыкма менен үй-бүлөдөгү зомбулук, келиндерге ашыкча милдет жүктөө, диний, этностор аралык өз ара мамилелер, коомдо жүрүм-турум эрежелери, тарыхый мурасты сактап калуу жана башка маселелерге таасир тийгизүүгө болот.

## Устав: типтүү болуш керекпи, же жекеби?

2014-жылдын 4-мартында ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин № 01-24/19 Буйругу менен бекитилген жергиликтүү жамааттык Типтүү уставы болгону менен, ар бир жамаат уставды жеке өзү кабыл алат. Типтүү уставдын текстин ӨСИ сайтында төмөнкү шилтемелер боюнча таба аласыз:

- кыргыз тилинде: http://www.dpi.kg/ky/activities/legislation_ustav/;
- орус тилинде: http://www.dpi.kg/ru/activities/legislation_ustav/.

Анткен менен типтүү устав “каркас”, даярдык катары гана кызмат өтөйт. Аны ар бир жамаат муниципалитеттин жана анын аймагында жашаган адамдардын уникалдуу өзгөчөлүктөрүнө жараша өзүнүн эрежелери жана талаптары менен толуктайт. Мисалы, айрым жамааттар үчүн мал жаюу эрежелери өзөктүк мааниге ээ болсо, башкалары үчүн арак сатууга тыюу салуу, дагы бир жамаат үчүн улуттар аралык мамилелер маанилүү болот.

Жалпысынан жамааттын уставы аркылуу мыйзамдарда болбогон, бирок конкреттүү жамаат үчүн мааниси бар эрежелер жана ченемдер белгиленет. Мындан улам уставды түзүүгө жана талкуулоого айылдагы кызыкчылыктар менен бириккен топтор, кээде бардык жашоочулар да катышууга тийиш. Бул үчүн ЖӨБ органдары устав-

ды түзүү, талкуулоо жана кабыл алуу процессин уюштуруш керек. Бул процесс кээде бир нече апта бою уланып, төмөнкүдөй бир катар ырааттуу кадамдардан турат.

- 1-кадам. Уставдын долбоорун иштеп чыгуу үчүн жумушчу топту түзүү.
- 2-кадам. Айыл өкмөтүнүн башчысынын жумушчу топтун курамын бекитүү, Уставдын долбоорун иштеп чыгуу жана талкуулоо боюнча чаралар жөнүндө чечими.
- 3-кадам. Уставдын долбоорун иштеп чыгуу жана аны жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнө тааныштыруу үчүн таратуу.
- 4-кадам. Уставдын долбоорун кичи-чогулуштарда, жыйындарда талкуулоо жана келип түшкөн сунуштарды иштеп чыгуу.
- 5-кадам. Уставдын долбоорунун акыркы вариантын айылдык чогулушта же жергиликтүү жамааттын курултайында кароо.
- 6-кадам. Уставды айылдык кеңеш тарабынан кабыл алуусу жана анын күчүнө кирүү тартиби.
- 7-кадам. Жергиликтүү жамааттын Уставынын кабыл алынган редакциясы тууралуу жергиликтүү жамаатты маалдымдоо.

Жогоруда аталган кадамдардын баарынан мүмкүн болушунча эффективдүү өтүү үчүн колдонмону ӨСИ сайтынан төмөнкү шилтемелерден таба аласыз:

- кыргыз тилинде: http://www.dpi.kg/ky/activities/legislation_ustav/;
- орус тилинде: http://www.dpi.kg/ru/activities/legislation_ustav/.

## АДК устав менен кантип иштей алат?

АДК үчүн уставды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өнөктөштүктүн аспабы катары колдонуунун эки жолу же ыкмасы бар.

Биринчиден, эгерде 2014-жылдын март айынан бери (бул күнү типтүү уставдын жаңы редакциясы кабыл алынган) жамаатта жаңы устав кабыл алына элек болсо, АДК мына ушундай демилге менен чыга алат. Мындай учурда АДК айыл өкмөтүнө уставды түзүү, талкуулоо жана кабыл алуу процессин уюштуруу сунушу менен кайрылса болот. Бирок мындай демилге автоматтык түрдө АДКга кандайдыр бир жоопкерчиликти жүктөй турганын түшүнүү зарыл. Мындай

сунуш менен чыгып жатып, бул процессте айыл өкмөтүнүн башкы жардамчысы болууга даяр туруш керек. Башкача айтканда, жолугушууларды, талкууларды өткөрүп, пикир топтоп, аларды жалпылаштырып, устав үчүн сунуштарды формулировкалап, айтор бир кыйла уюштуруучулук жана аналитикалык иштерди жүргүзүү зарыл. Албетте бул өтө көп убакытты жана күч-аракетти талап кылат. Бирок калк арасында да, айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңештин көз алдында да АДКнын аброюн бир кыйла көтөрөт. Айыл өкмөтү менен биргеликте бул процессти уюштуруп, АДК жергиликтүү өнүгүүдө өзүнүн маанилүү ролун далилдей алат. Анткени жаңы жергиликтүү Конституцияны кабыл алуунун демилгечиси болушат.

Бирок эгерде АДК уставды түзүү, талкуулоо жана кабыл алуу процессин уюштурууда өз жөндөмдүүлүгүнө көп ишене бербесе, бул четке чыгып, жергиликтүү Конституция тууралуу унутуп коюш керек дегенди билдирбейт. Кандай болгон күндө да аны талкуулоого катышып, уставга саламаттык детерминанттарына байланышкан жергиликтүү өнүгүүнүн актуалдуу маселелери боюнча мүмкүн болушунча көбүрөөк сунуштарды киргизүүгө аракеттениш керек.



# Тиркемелер

## 1-тиркеме. ЖМБАны өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу айыл өкмөт башчысынын тескемесинин формасы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**№ ОБЛУСУ**
**№ РАЙОНУ**
**№ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**№ ОБЛАСТЬ**
**№ РАЙОН**
**АЙЫЛ ОКМОТУ**
**№ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

20___-жылдын ______ №_______

**ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү**
**боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу**
**ТЕСКЕМЕ**

Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусун камсыздоо жана ________________________ айылдык аймагынын калкынын керектөөлөрүн аныктоо максатында төмөнкүлөрдү тапшырам:

- курамы __ кишиден турган ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топ түзүлсүн (тизмеси №1 тиркемеде);
- адис ____________________ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун ишин уюштуруу үчүн зарыл чаралардын аткарылышын камсыздасын;
- ушул тескеменин аткарылышына контролду өзүмө калтырам.

Башчы _____________________
Аты-жөнү

**_________АӨ башчысынын**
**20___-жылдын ______ №____**
**тескемесине №1 тиркеме**
**ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун**
**КУРАМЫ**

Жумушчу топтун төрагасы:
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*
Жумушчу топтун катчысы:
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*
Жумушчу топтун мүчөлөрү:
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*

Башчы ___________ Аты-жөнү

## 2-тиркеме. ЖМБА-сессиясынын и СИНС-фокус-группы программасынын мисалы

### ЖМБА-СЕССИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ

Күнү: 20___ -жылдын ________

Убактысы: 10.00 (3 топ) жана 14.00 (3 топ)

Жолугушуунун катышуучулары: XXX айылы

Саны: ар бир топто 20-25тен киши, алардын ичинде ______эркек жана ______аял

Алып баруучулар: ____________________________________

Жолугушуунун максаты: жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жана бюджеттик процессте жергиликтүү жамааттын катышуу деңгээлин баалоо, айылдагы өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйдү аныктоо.

| Убактысы | Мазмуну | Усулдар |
|---|---|---|
| **10.00-10.15** | Саламдашуу. Таанышуу | |
| **10.15-10.20** | Жолугушуунун максаттары жана тапшырмалары | |
| **10.20-11.20** | Айылдын ресурстары жана кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээли тууралуу жалпы маалымат алуу | Ресурстук карта<br>Венн диаграммасы |
| **11.20-12.10** | Калктын бюджеттик процесске катышуу деңгээлин баалоо | «Токоч» |
| **12.10-12.30** | Калктын жергиликтүү маанидеги иштерге жана бюджеттик процесске катышуусуна таасирин тийгизген көйгөйлөрдү аныктоо | Көйгөйлөр галереясы |

## ЖМБА-фокус топтун программасы

**Өтчү күнү:** 20___-жылдын « »____________

**Убактысы:** __________

**Жолугушуунун катышуучулары:** Лидерлер жана алгачкы ЖМБА-сессиялардын жигердүү катышуучулары

**Жолугушуунун максаты:** Жергиликтүү маанидеги маселелерге жана бюджеттик процесске байланышкан артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн себептерин жана аларды чечүүнүн ыктымал жолдорун аныктоо.

| Убактысы | Мазмуну | Аспаптар |
|---|---|---|
| **10:00-10:15** | Саламдашуу. Таанышуу. | |
| **10:15-10.45** | Жергиликтүү маанидеги маселелерге жана бюджеттик процесске байланышкан артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн пайда болуу себептерин аныктоо | Көйгөйдүн себеп-натыйжасына анализ жасоо |
| **10:45-11:15** | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн кесепеттерин аныктоо. | Көйгөйдүн себеп-натыйжасына анализ жасоо |
| **11:15-12:15** | Жергиликтүү маанидеги маселелерге жана бюджеттик процесске байланышкан артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштарды жана сунуштамаларды чогултуу. Тараптардын (АӨ, жергиликтүү кеңеш, жамаат ж.б.) салымдарын аныктоо. | Көйгөйдүн себеп-натыйжасына анализ жасоо |
| **12:15-12:30** | Демилгелүү топтордун критерийлерин жана өкүлдөрүн тандап алуу усулдарын иштеп чыгуу. | Акыл чабуулу (чогулуп кеңешүү) |
| **12:30-12:50** | Жыйынтыктарды чыгаруу | |

## 3-тиркеме. ЖМБА-сессиясын өткөрүү тууралуу отчеттун формасы

**Отчетту түзгөн _______(аты-жөнү, кызматы) Күнү __________**

Жергиликтүү жамаат жөнүндө жалпы маалымат:

ААнын аталышы;

айылдын аталышы;

жашоочулардын саны, алардын ичинде ______эркек жана _______аял;

үй кожолуктарынын саны.

Айылда ЖМБА-сессияларына катышкандардын саны:________________

Алардын ичинен аялдар: ___________________________________________

**ЖМБА-сессиялар жөнүндө маалымат**

**18 – 35 жаштагылардын тобу**

| Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиянын №, күнү, өткөн жери | Катышуучулардын саны | Алардын ичинде аялдар | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмеси | Добуштардын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**36 -55 жаштагылардын тобу**

| Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиянын №, күнү, өткөн жери | Катышуучулардын саны | Алардын ичинде аялдар | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмеси | Добуштардын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**56 жаштан жогорулардын тобу**

| Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиянын №, күнү, өткөн жери | Катышуучулардын саны | Алардын ичинде аялдар | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмеси | Добуштардын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**Айылдагы көйгөйлөрдүн ичинен артыкчылыктуусун тандап алуу**

| № | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн аталышы | Добуштардын саны |
|---|---|---|
| | | |

**Айылдагы артыкчылыктуу көйгөйлөр тууралуу жалпы маалымат**

Мисалы, "Калк ичүүчү суу менен камсыздалган эмес".

Андан ары ЖМБА-сессиясы маалында алынган маалымат келтирилет: көйгөйдүн сүрөттөлүшү, ким жана кантип кызмат көрсөтүп, же маселени чечүү менен алектенет. ___________________________________

ЖМБА-сессия маалында жергиликтүү жамааттын жигердүү өкүлдөрүн тандап алуу: себеп-натыйжа байланышын аныктоо боюнча ЖМБА-фокус-топторуна катышуу үчүн; артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү боюнча демилгелүү топтун ишине катышуу үчүн; биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө катышуу үчүн.

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Байланышуу үчүн маалымат |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 4-тиркеме. ЖМБА-иш-чараларынын протоколунун мисалы

**№ айылдык аймагынын Х айылындагы ЖМБА-сессиясынын**
**№1 ПРОТОКОЛУ**

Күнү: 2014-жылдын 19-ноябры.
Өткөн жери: Х айылы, клубдун имараты.
Катышуучулар: Х айылынын 18ден 35 жашка чейинки калкы
Фасилитаторлор (алып баруучулар):
Айыл өкмөтүнүн адиси, жумушчу топтун мүчөсү Осмонова С.,
Жумушчу топтун мүчөсү Сапарова К.

**Күн тартиби**

- Айылдын ресурстары жана кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээли тууралуу жалпы маалымат алуу.
- Калктын бюджеттик процесске катышуу деңгээлин баалоо.
- Калктын жергиликтүү маанидеги иштерге жана бюджеттик процесске катышуусуна таасирин тийгизген көйгөйлөрдү аныктоо.

**Биринчи маселе боюнча**

Катышуучулар Х айылынын картасын чийишти, адегенде айылдагы негизги жолдорду, андан кийин экинчи даражадагы жолдорду белгилеп алышты. Талкуунун жүрүшүндө катышуучулар Ынтымак, Панфилов жана Тынчтык көчөлөрүндөгү экинчи даражадагы жолдордун абалы начар болгонун белгилешти.

Андан кийин катышуучулар Х айылындагы көчөлөрдө жайгашкан объекттерди тартышты. Х айылынын негизги көчөсүндөгү коомдук иш-чаралар өтчү клубдун имаратын белгилешти. Клуб бардык зарыл эмеректер менен камсыздалган, ичинде китепканада да бар. Китепкана жаштардын заманбап талабына жооп бербейт. Интернет жана жаңы технологиялар жок. Калк клубду көп колдонот, бирок анын чатыры начар абалда. Мунун айынан жаан жааганда суу тамчылап турат.

Картада көчөлөрдөгү таза суу алчу кудуктар белгиленди. Айрым кудуктар ремонтко муктаж, мунун айынан бардык эле жашоочулардын таза сууга жеткиликтүүлүгү камсыздалган эмес. Жаңы конуштардын жашоочулары таза сууга муктаж, ошондуктан суу түтүгүн өткөрүү зарыл.

Х айылынын негизги көчөсүндө 1971-жылы курулган мектеп бар. Ал да өтө начар абалда.

Көчөлөрдөгү устундарда чырактар орнотулган эмес, караңгыда көчөгө жарык берилбейт. Ушундан улам балдар кечинде көчөгө чыкканда алардын ата-энелери тынчсызданып турат.

Айылда бала бакча жок. Ошондуктан балдар 1-класска барганда мектепке оңой менен көнө алышпайт. Бул болсо окуучунун материалды өздөштүрүп, жакшы билим алуусуна таасирин тийгизип жатат.

Айылда жаштар үчүн кеңсе бар, бөлмөнү муниципалитет спорт менен

алектенүү үчүн бөлүп берген. Бирок чатыры начар болгондуктан жаштар ал жерде көпкө тура албайт.

Көчөлөрдүн жана үйлөрдүн боюнда жер участоктору бар. Аларды бойлой канал өтөт. Бирок жай мезгилинде суу аз болгондуктан дыйкандар сугат суунун жетишсиздигине даттанып келишет.

ЖМБА-сессиясы өткөрүлүп жаткан маалда катышуучулар АА аймагында өз ишмердигин жүргүзгөн төмөнкүдөй уюмдарды жана кемүү тартибинде алардын маанисин белгилешти:

1. Айыл өкмөтү
2. Мектеп
3. Спорт залы
4. Китепкана
5. ТСПАКБ
6. Маалымат борбору
7. Пилорама
8. Ветеринардык тейлөө кызматы
9. Аксакалдар соту
10. Маданият үйү
11. Жаштар комитети
12. ФАП
13. Мечит
14. СПА
15. Жайыт комитети

“Эмне үчүн мааниси боюнча биринчи орунга айыл өкмөтү коюлду?” деген суроого катышуучулардын жообу мындай болду: АӨ калкка кызмат көрсөтөт – жөлөк пул таратат, кээде согуш жана эмгек ардагерлерин куттуктайт, карылар күнүн белгилейт, майрамдык иш-чараларды уюштурат, бардык көчөлөрдө болбосо да жолдорду оңдойт. Бирок ошону менен бирге АӨ адистеринин иши канааттандырарлык эмес деп бааланды. Көп учурда алардын иш бөлмөлөрү жабык, маалым кат алайын дегенде адистер ордунда болбой калат.

Катышуучулар айыл өкмөтү дээрлик бардык уюмдар менен байланышта болорун белгилешти.

“Эмне үчүн орто мектепке чоң маани берилди?” деген суроого катышуучулар балдары мектепте окуй турганын, баштапкы жана орто билим аларын айтышты. Мектептин турмушунда АӨнүн ролу кандай болгонун сураганда, катышуучулар АӨ имаратты ремонттого сыр, акиташ менен жардам берерин айтып, бирок мектептин имараты капиталдык ремонтко муктаж болгонун белгилешти. Катышуучулар окуучуларды окутуу, мугалимдердин сабак өткөрүү сапаты төмөн деңгээлде болгонун, балдар начар окуй турганын, мектепте ийримдер жана жетишпеген предметтер боюнча кошумча сабактар болбогонун айтышты.

Катышуучулар АӨнүн балансында турган спорт залды белгилешти. АӨ залдын абалына чоң көңүл бурганы менен имараттын чатырын ремонттого каражат жетишпейт. Жаштар жана окуучулар бош убактысында спорт

менен алектенет, бирок спорттук шаймандар өтө эски, машыктыргычтар жетишсиз. Анын үстүнө спорт залдын ишин да тартипке келтирүү зарыл. Адатта окуучулар ойногону келгенде четте туруп, чоңдор кантип ойнорун карап турууга мажбур.

Китепкананын кызмат көрсөтүүлөрүнө элеттиктер ыраазы. Себеби китепкана өз маалында иштеп, көптөр китеп окуганы барып турушат. Бирок алар китептердин эскилигине нааразы. Балдардын жана жаштардын китепканага барып туруусу үчүн компьютердик курстарды уюштуруп, интернетке, электрондук китептерге жеткиликтүүлүк боюнча кызмат көрсөтүп, түрдүү ийримдерди өткөрүү сунуштары айтылды. АӨ китепканага ремонт керек болгон учурда гана анын ишине катышып калган.

ТСПАКБнын иши өтө чабал болуп, таза сууну жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүлбөй турганы айтылды. Анткен менен ТСПАКБ жергиликтүү жамаатты ичүүчү суу менен камсыздоону уюштурууда өтө маанилүү уюм. Катышуучулар ТСПАКБнын ишине нааразылыгын билдирип, кызмат көрсөтүүнү АӨгө өткөрүп берүү зарыл экенин айтышты. Себеби иш жүзүндө ичүү сууга байланыштуу маселе боюнча элеттиктер баары бир АӨгө кайрылышат.

Элеттиктер айылда АӨгө караштуу жана АРИСтин колдоосу менен уюштурулган маалымат борборуна да токтолушту. Көптөр борбор иштебей турганына нааразылыгын билдиришти. Фасилитаторлор компьютерлер эскиргенин, ал эми жаңыларын сатып алууга же эскилерин оңдоого жергиликтүү бюджеттеги каражат жетишсиз экенин түшүндүрүп беришти.

Сессиянын катышуучулары айылда жеке пилорама бар болгонун, анын кызмат көрсөтүүсүнө абдан муктаж болушканын, бирок ал күндө иштебей турганын, көп учурда ар кандай себептер менен жабык экенин айтышты. Пилорама АӨ менен байланышта эмес. Айылда ветеринардык кызмат көрсөтүүлөр уюштурулган. Бирок анын сапаты төмөн деңгээлде, дары-дармектер жетишсиз, акысы кымбат. Айылда ошондой эле коомдук уюмдар – аксакалдар соту, элеттик саламаттык комитети, жаштар комитети, СПА, жайыт комитети бар.

Катышуучулар айыл өкмөтүнүн аксакалдар соту менен байланышы чабал болгонун, соттун мүчөлөрүн алмаштыруу керектигин, ал кайсы бир маалда жакшы иштегенин, жергиликтүү жашоочулардын арыз-даттануураларын териштирип турганын айтышты.

Ошондой эле элеттик саламаттык комитетинин мүчөлөрүнүн ролу белгиленип, алардын калк арасындагы иши солгундап кеткени айтылды. Кайсы бир учурда комитеттин мүчөлөрү жигердүү иштеп, калк арасында окуулар өткөрүлүп, кандайдыр бир ооруларды алдын алуу боюнча маалыматтар таратылып турган. АӨ аларга дээрлик жардам берген эмес жана бербей келет.

Жаштар комитети тууралуу айтканда, катышуучулар мындай уюм бар экенин, бирок анын көзгө көрүнөрлүк иши болбогонун, жаштар комитети менен АӨ байланышта болуп-болбогонун билбей турганын айтышты.

Катышуучулар сугат сууну бөлүштүрүүдө жана сугат системасын күтүүдө СПАнын ишинин начардыгын, СПА көп учурда АӨгө финансылык жардам

сурап кайрыларын, жергиликтүү бюджетте каражаттын жетишсиздигинен улам колдоого ээ болбой жатканын белгилешти.

Жайыт комитетинин иши нааразылык жаратып, чогулуштар өткөрүлбөй турганы, каражат кайта сарпталары белгисиз болгону белгиленди. Себеби жайыттарды башкаруу иши жалпысынан өтө начар жүргүзүлүп келет. Эмне үчүн АӨ жайыт комитетинин ишине көңүл бурбай жатат деп, айыл өкмөттүн дарегине бир топ суроолор узатылды.

ФАПтын ишине баа берген катышуучулар АӨ имараттын ремонтуна каражат бөлөрүн, бирок кызмат көрсөтүүнүн сапаты өтө начар экенин белгилешти: зарыл болгон жабдуулар жок, алгачкы медициналык жардам көрсөтө алышпайт, дары-дармектер жок, элеттиктер жардам сурап кайрылганда аларды дайыма райондук ооруканага жиберишет. Кыш маалында ФАПка кирүү да мүмкүн болбой калат, себеби имараттын ичи өтө суук.

Катышуучулар АӨгө мечитти тейлөө ишин, мисалы кышында жылытуу, электр энергиясы менен камсыздоо милдеттерин өзүнө алууну сунушташты. Бирок фасилитаторлор мечитти жергиликтүү бюджеттин эсебинен тейлөө мүмкүн эместигин, анткени мечит айыл өкмөтүнүн менчиги эместигин түшүндүрүп беришти.

Калкка уюмдар тарабынан кызмат көрсөтүү маселеси боюнча биринчи орунга айыл өкмөтү, андан кийин мектеп, спорт зал, китепкана коюлду. Бул уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүндө кемчиликтер көп болгону менен, алардын сапаты башкаларга салыштырмалуу жогору деп бааланды.

**Экинчи маселе боюнча**

Катышуучулар "Токоч" көнүгүүсүн аткарууда, жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын бөлүштүрүүдө активдүүлүгүн көрсөтүштү. Катышуучулардын баамында, чыгашалардын тизмеси мындайча болот: АӨ аппаратын күтүүгө – 30%; мектептерди күтүүгө – 20%; клубду күтүүгө – 15%; ФАПты күтүүгө – 3%; жолдордун ремонтуна – 5%; спорт залынын ремонтуна – 2%; майрамдарга жана маанилүү даталарга – 5%; жаштарга – 5%; китепкананы күтүүгө – 15%.

Катышуучулар коомдук угуулар өткөрүлүп турарынан, жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат берилеринен кабардар. Катыша албай калган элеттиктер жергиликтүү бюджет тууралуу кыскача маалымат алышты. Катышуучулар "мурда биз бардык каражат айыл өкмөтүн күтүүгө жана майрамдарга кетет деп ойлочубуз. Эми болсо каражатыбыз чектелүү болгонун жана артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө аларды эффективдүү колдонушубуз керектигин билип калдык", - деп айтышты.

**Үчүнчү маселе боюнча**

Ар бир катышуучуга бештен стикер берилип, тапшырманын шарты боюнча алар ар бир стикерге айылдын өзгөчө маанилүү бирден көйгөйдү жазып чыгыш керек болчу. Натыйжада, 5 стикерде беш көйгөй жазылмак. Катышуучулардын пикирлери мындай болду: ички жолдордун начар абалы – 12 добуш; клубдун чатырынын начар абалы – 12 добуш; ичүүчү суунун жетишсиз-

диги – 10 добуш; мектептердин начар абалы (мектептеги билим берүү үчүн шарттардын жетишсиздиги) – 10 добуш; сугат суу – 9 добуш; бала бакчанын жоктугу (мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттардын жоктугу) – 6 добуш; жарыктын жоктугу – 6 добуш; жаштар үчүн шарттардын жетишсиздиги (жаштардын кеңсесинин чатыры начар абалда) – 5 добуш; интернетке жана жаңы технологияларга жеткиликтүүлүктүн жоктугу – 5 добуш.

Осмонова С., АӨ адиси — Кол тамгасы

Сапарова К., жумушчу топтун мүчөсү — Кол тамгасы

Тиркеме: катышуучулардын тизмеси, иш-чара маалында тартылган сүрөттөр.

## 5-тиркеме. Айылдык чогулуштун протоколунун мисалы

**___________________________айылдык аймагынын**
**____________________ айылынын**
**айылдык жыйынынын Протоколу**

Иш-чара өтчү күн: 28.01.2015-ж.

Катышуучулардын саны – 201 киши, алардын ичинен 125и аялдар.

Иш-чара өтчү жер: Бостери айылы, Х.Жээнбаев атындагы орто мектеп

**Жыйындын күн тартиби:**

- Концерттик программа, жыйындын катышуучуларын каттоо.
- 2014-жыл үчүн АӨнүн иши тууралуу АӨ башчысынын маалыматы. Баяндамачы – Айылчиев Т.
- 2014-жыл үчүн Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча маалымат. Баяндамачы – Усупов А., финансы бөлүмүнүн жетекчиси.
- 2015-2017-ж.ж. жаңыртылган Биргелешкен аракеттер планы менен таанышуу жана аны жыйындын катышуучулары менен макулдашуу. Баяндамачы – Токтобаева Р., клубдун башчысы, долбоордун координатору.
- Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун (БМжБ) маалыматы. Баяндамачы – Исмаилов К., БМжБ тобунун мүчөсү.
- Суроолор жана жооптор.
- Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча долбоорлорду тааныштыруу. Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун гранттык программасына катышууга артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу.
- Жыйынтык чыгаруу.

Токтобаева Р., айылдык жыйындын алып баруучусу катышуучуларды жыйындын күн тартиби жана аны өткөрүүнүн регламенти менен тааныштырды, катышуучулар менен талкуулап, жыйында жүрүм-турумдун эрежелерин макулдашып алды.

***Биринчи маселе боюнча***

Сөз АӨ башчысы Т. Айылчиевге берилип, ал катышуучуларды аймактын өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү менен тааныштырды. Өз баяндамасында башчы катышуучулардын көңүлүн жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 3 пайызга өскөнүнө бурду. 2014-жылы жергиликтүү бюджеттин чыгашасы 30154,1 миң сом болгон, алардын ичинен 5934,0 миң сомду айыл өкмөт аппаратына кеткен чыгаша түзгөн (андан кийин баяндаманын кыскача мазмуну келтирилет).

***Экинчи маселе боюнча***

Сөз финансы бөлүмүнүн жетекчиси А.Усуповго берилип, ал жыйындын катышуучуларын 2014-жылы артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планын (БАП) ишке ашыруу боюнча иштин жыйынтыктары менен тааныштырды. БАП 2012-жылы иштелип чыккан. Финансы бөлүмүнүн жетекчиси артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча иш-чараларды чагылдырууга өтө кенен токтолду. Адегенде 2012-жылы ЖМБА-иш-чаралары өткөрүлгөнү, анда 7 артыкчылыктуу көйгөй аныкталганы белгиленди. Андан соң Биргелешкен аракеттер планы (БАП) иштелип чыкты, алардын бир бөлүгү аткарылды: 48 иш-чара пландалып, алардын ичинен 34 иш-чара аткарылды, 5 иш-чара аткаруу процессинде турат, ал эми 7 иш-чара 2015-2017-жылдарга жаңы БАПка кирди. Көйгөйлөрдү бөлүп кароодо төмөнкүдөй жыйынтыктар жетишилди:

| Артыкчылыктуу маселе | Маселени чечүү үчүн аткарылган иш-чаралар |
|---|---|
| Бостери жана Бактуу-Долоноту айылдарында таза ичүүчү суунун жетишсиздиги | 4 насос, 1 эшиктин тээги, суу үчүн тариф орнотулду жана ушул тапта “Байжигит” участогундагы суу менен жабдууну оңдоп-түзөө боюнча иштер жүрүп жатат |
| Ички жолдордун начар абалы жана борбордук көчөлөрдө жарыктын жоктугу | “Ак жолтой”, “Байжигит” участокторунда, Бактуу-Долоноту айылында жолдор оңдолгон жок, кийинкиге калды |
| Сугат суунун жетишсиздиги | СПА уюштурулуп, катталды жана Бостери айылындагы Достаев көч. арык системасы тазаланды |
| Бостери ААнын эки айылындагы санитардык-экологиялык абалдын деңгээлинин төмөндүгү | ТКЧ техникасы үчүн гараждын курулушуна, КТК таштанды жайын курчоого жана ТКЧ кызматкерлеринин маянасын жогорулатууга байланышкан бир катар иш-чаралар пландалды. Булар жергиликтүү бюджетте финансы каражаттарынын жетишсиздигинен улам аткарылбай калган. |

| | |
|---|---|
| Мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдардын даярдыгынын начардыгы жана бала бакчаларда орундун жетишсиздиги | Швейцария Өкмөтүнүн колдоосу менен “Чынар” бала бакча оңдолду, “Березка” бала бакчасы үчүн тосмо орнотулду, ушул тапта имаратты оңдоо иштери жүрүүдө. Ошондой эле Атаев ат. мектептин имараты да оңдолуп жатат. Ал эми Мамытов ат. мектептин имаратында азырынча ремонт иштери башталa элек, ал кийинки жылдарга калды |
| Калктын жана жаштардын бош убактысын уюштурууда жана калктын саламаттыгын коргоодо кемчиликтер | Бактуу-Долоноту айылында спорт зал оңдолду, ал эми Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жайгашкан имараттын ремонтуна акча жетпей калды |
| Калктын жергиликтүү бюджет тууралуу маалымдуулугунун төмөндүгү | бюджет боюнча коомдук угуу өткөрүлүп, бюджет боюнча маалымат АӨ имаратынын жанындагы маалымат керегесине илинди |

Сөзүн жыйынтыктап жатып, финансы бөлүмүнүн жетекчиси 2014-жылы БАПты ишке ашырууга жергиликтүү бюджеттен 9 535 406 сом бөлүнгөнүн, жамааттын салымы нак акча менен 6 000 сом, эмгек салымы 97 000 сом болгонун белгиледи.

***Үчүнчү маселе боюнча***

Роза Токтобаева катышуучуларды жумушчу топ иштеп чыккан жана жарандардын артыкчылыктарына негизделген 2015-2017-жылдарга жаңы Биргелешкен аракеттер планы менен тааныштырды.

Төртүнчү маселе боюнча БМжБ тобунун мүчөсү К.Исмаилов катышуучуларды БМжБ тобунун курамы, планы жана ишинин жыйынтыктары менен тааныштырды. БМжБ тобу ЖӨБ органынын ишин баалоо үчүн 300 кишинин арасында сурамжылоо жүргүзгөн. Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, айылдар тазарып, көчөлөр чоң таштардан тазаланып, ичүүчү суу пайда болгон.

***Суроолор жана жооптор***

“Келечек башаты” бала бакчасынын жетекчиси Б.Жумакановванын суроосу: “Таштанды жайын тор менен тосуп койсо болобу?”

АӨ башчысы Т.Айылчиевдин жообу: “Бул жылы таштанды төкчү жайды тосконго аракет жасайбыз. Бизде Баткуу-Долоноту айылынын аймагында таштанды төкчү жай бар, ал Чолпон-Ата шаарына ижарага берилген. Бул жылы жергиликтүү кеңештин депутаттары менен бирге бул маселени чечкенге аракет жасайбыз. Экологияны өнүктүрүү фондунан да каражат тартабыз”.

Бактуу-Долоноту айылынын тургуну Ч.Айтуварованын суроосу: “Биздин айылда 60 короо бар, ал жерде көбүнчө жаш үй-бүлөлөр жашайт, аларды балдары бар. Бала бакча ачылса жакшы болмок эле. Элеттиктерге клуб да керек”.

АӨ башчысынын жообу: “Березка” бала бакчасынын ремонтуна каражат кеч бөлүнүп калган, ошондуктан ремонт иштери создугуп кетти. Күзүндө бүтүрөбүз деп пландап жатабыз”.

Баары болуп 15ке жакын суроо түшкөн. Протоколго бардык суроолорду жана жоопторду киргизүү сунушталат (окуу китебинин авторлору).

Андан кийин жыйындын алып баруучусу аймактын турмушуна жигердүү катышканы үчүн грамота менен сыйланган демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн аты-жөнүн жарыялады (аты-жөнү жазылыш керек – авторлор). Грамоталарды жергиликтүү кеңештин төрагасы жана АӨ башчысы тапшырышты.

***Бешинчи маселе боюнча***

Р.Токтобаева катышуучуларды Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун гранттык программасы менен тааныштырып, артыкчылыктуу долбоор кандай критерийлер менен тандалып алыныш керектигин айтып берди. Ал жыйындын катышуучуларынын тандоосуна коюлган долбоорлор тууралуу айтып бере турган демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн аты-жөнүн атады. Андан соң алып баруучу жыйындын катышуучуларына добуштарды эсептей турган эсеп комиссиясынын курамын тандап алууну сунуштады. Эсеп комиссиясынын курамына төмөнкүлөр кирди:

Жылкыбаев Ч., жергиликтүү кеңештин депутаты;

Мукашова О., “Шаркыратма суу” ТСПАКБ бухгалтери;

Жээнтаев М., жаштар уюмунун мүчөсү.

Комиссиянын курамы бир добуштан бекитилди.

Андан кийин демилгелүү топтун мүчөлөрү өз долбоорлору менен тааныштырышты:

“Өмүрбү же таштандыбы?” долбоору (70 контейнерди сатып алуу);

“Ден соолук – ийгиликтин кепили” долбоору (Бостери ААнын балдары, жаштары машыккан спорт комплекси үчүн чоң мат сатып алуу);

“Балдар – бул жашоо” долбоору (ушул тапта иштебей турган, бирок АӨ калыбына келтирүүгө аракет кылып жаткан “Березка” бала бакчасы үчүн 60 керебет сатып алуу).

Долбоорлор менен тааныштыргандан кийин Р.Токтобаева жыйындын катышуучуларынан стикерди алып, тандаган долбоор үчүн добуш берүү үчүн аны долбоордун аталышы жазылган жерге чаптап коюуну өтүндү.

Эсеп комиссиясы добуштарды санап чыгып, натыйжасы төм. болду:

- “Өмүрбү же таштандыбы?” долбоору 12 добуш алды.
- “Ден соолук – ийгиликтин кепили” долбоору 69 добуш алды.
- “Балдар – бул жашоо” долбоору 66 добуш алды.

5 стикер жараксыз деп табылды.

***Жыйындын жыйынтыктары***

Жыйын чечти:

- ЖМБА аркылуу аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер планы жергиликтүү кеңештин сессиясында каралсын жана бекитүүгө сунушталсын;
- демилгелүү топтун мүчөлөрү “Ден соолук – ийгиликтин кепили” долбоорун ийнине жеткире иштеп чыгып, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун гранттык программасына 2015-жылдын 10-февралына чейин табыштама берсин.

Жыйындын катчысы ЖОЛДОШЕВА Ч.

## 6-тиркеме. Бюджет боюнча коомдук угуунун протоколунун мисалы

### Ивановка айылдык аймагындагы бюджетти угуунун протоколу

Иш-чара өтчү күн: 2012-жылдын 26-январы
Иш-чара өтчү жер: Ивановка айылы, орто мектептин жыйындар залы
Катышуучулардын саны: 112 киши, алардын 67си аялдар.

Бюджеттик угууларды Ивановка айылдык аймагынын кеңешинин төрагасы И.Х.Юсупов ачты. Ал катышуучулар менен саламдашып, баарын конструктивдүү талкууга чакырды. Айыл өкмөттүн жооптуу катчысы, бюджеттик угуулардын алып баруучусу Г.Ш.Исмаилова да катышуучулар менен саламдашып, суроо бергенге жетишпей калгандарга жана угууларда өз сунуштарын, сын пикирлерин айтууга үлгүрбөй калгандарга суроолор, сунуштар жана сын пикирлер үчүн бланкты толтурууну сунуштады.

Андан кийин алып баруучу коомдук бюджеттик угууларда жүрүм-турумдун эрежелерин эске салып, катышуучуларды бюджеттик угуунун программасы менен тааныштырды:

- айылдык аймактын кирешелери жана чыгашалары тууралуу жалпы маалыматтар;
- билим берүүгө чыгашалар;
- турак жай-коммуналдык чөйрөгө чыгашалар;
- суроолор жана жооптор.

Катышуучуларга бюджеттик угууну өткөрүүнүн төмөнкүдөй регламенти сунушталды: сөз сүйлөөлөр 10 мүнөткө чейин, суроо-жоопторго 2 мүнөткө чейин убакыт берилет, бюджеттик угуунун иши 1 саат 40 мүнөттө жыйынтыкталат. Бул сунушту катышуучулар колдоого алышты.

***Биринчи маселе боюнча***

Сөз финансы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси Р.Б.КАСИЯНОВАГА берилип, ал катышуучуларды жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү менен тааныштырды. Ал өз сөзүндө буларды белгиледи: “Бир

караганда Ивановка айылдык аймагынын кирешеси көптөй, ал эми айылдагы жашоодогу өзгөрүүлөр өтө жай жүрүп жаткандай көрүнөт. Бирок бул кирешелердин ири бөлүгү республикалык бюджеттен конкреттүү максаттарга (гранттар) түшүп жатканын түшүнүү керек". Баяндамасын сунуштап жатып ФЭБдин жетекчиси жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты камтыган жана Бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүндө чагылдырылган слайддарды көрсөттү.

Аймак мугалимдердин маянасына жиберүүгө милдеттүү болгон кирешелер жергиликтүү бюджеттин бардык кирешесинин 70 пайыздан ашыгын түзө турганы белгиленди. Калган 30 пайызга айыл өкмөтүнүн штатын күтүп, турмуш тиричиликке байланышкан башка маселелерди чечиш керек.

2011-жылы билим берүүгө мындай көп көлөмдө каражаттын сарпталышы айыл жашоочуларынын кызыгуусун пайда кылды. Ошондуктан айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттен 25,5 миллион сом кантип сарпталганы тууралуу кенен айтып берүүнү чечти.

***Экинчи маселе боюнча***

2011-жылдагы толугураак токтолуш керек болгон жергиликтүү бюджеттен чыгашалардын экинчи багыты – коммуналдык чарбалык да кокусунан тандалып алынган жок. Анткени айылда дал ушул коммуналдык шарттарга – сууга, таштанды чыгарууга, жарык берүүгө, жолдорду оңдоого аймактын тургундары өтө наразы. Айыл өкмөтү бул маселелерди чечүүгө канчалык кудуреттүү болгонун билүү үчүн финансыны түшүнүш керек.

Айыл өкмөт башчысы жана кызматкерлер бюджеттин акчасын өз алдынча башкара албайт. Ивановка айылдык аймагынын 2011-жылдагы кирешелерин жана чыгашаларын айылдык управанын кызматкерлери эсептеп чыгат, ал эми аларды Ивановка айылдык кеңешинин депутаттары бекитет[1]. Бекитилген бюджет жергиликтүү мыйзам болуп эсептелет жана бардык бюджеттик уюмдар аны аткарууга милдеттүү. Кыргызстандагы бардык айылдык аймактардагыдай эле Ивановка айылдык аймагында да чыгашалардын төмөнкүдөй түрлөрү бар: билим берүүгө чыгашалар (мектептер, бала бакчалар) (андан ары кенен сүрөттөлүш керек); коммуналдык чарбалыкка чыгашалар (жолдор, таштанды, көрктөндүрүү ж.б.) (андан ары кенен сүрөттөлүш керек); маданиятка чыгашалар (маданий жана спорттук иш-чаралар) – 386, 1 миң сом; социалдык коргоого чыгашалар (аз камсыздалгандарга материалдык жардам) 142, 8 миң сом; коомдук тартипке чыгашалар (участкалык милициялардын маянасы, эмгек өргүүсү ж.б.) – 308, 9 миң сом; айыл өкмөт аппаратын башкарууга чыгашалар – 4 млн. 462, 4 миң сом.

Адамдарга жергиликтүү бюджеттин ири  бөлүгү эмнеге кетип, эмне үчүн көрктөндүрүү маселелери толук кандуу чечилбей жатканын билүү баарынан да маанилүү болду. Жергиликтүү бюджеттин көйгөйлөрүн түшүнө билүү үчүн чыгашалардын динамикасын ошол эки маанилүү чөйрө – билим берүү жана коммуналдык чарба менен салыштыруу пайдалуу болмок.

---

[1] Ивановка айылдык кеңешинин 2011-жылдын 30-мартындагы №84/XV-25 токтому.

Билим берүүгө чыгымдар канчалык көп кетсе, коммуналдык чарбага да ошончолук аз акча калаары белгилүү. Бул болсо биз билим берүүнүн сапатын начарлатып, ага кеткен акчаны кыскартышыбыз керек дегенди түшүндүрбөйт. Бул мамлекет мугалимдердин маянасына республикалык бюджеттен көбүрөөк каражат бөлүш керек дегенди билдирет. Себеби жергиликтүү бюджет бир эле учурда мектепти да каржылап, айылдын калган көйгөйлөрүн эффективдүү жана толук кандуу чече албайт".

Билим берүүгө кеткен чыгашалар боюнча АӨнүн башкы адиси М.САКЫЕВА сөз сүйлөдү:

"Ивановка айылдык аймагынын территориясында 2 орто мектеп, 3 башталгыч мектеп жана 2 бала бакча бар. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 Токтомунун негизинде жалпы билим берүүчү уюмдарда педагогикалык кызматкерлердин маянасын төлөө системасы өзгөргөнүн билүү зарыл. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер тарабынан каржыланган билим берүү кызматкерлеринин маянасы көбөйдү".

Билим берүүгө кеткен чыгашалардын деталдуу чечмелениши келтирилет (авторлордун кошумчасы).

***Үчүнчү маселе боюнча***

Коммуналдык чарбалыктын чыгашалары боюнча сөз Б.Б.ТОКТОМУШЕВГЕ берилди: "Айылдын турмушу жана тышкы келбети бизди канааттандырбайт. Бизге ылай, талкаланган жолдор, караңгы көчөлөр, суунун жоктугу жакпайт. Баарыбыз биринчи кезекте айыл өкмөтү тарапка кылчаябыз – деги ушул көйгөйлөр качан чечилет? Айылдын турмушу ыңгайлуу, таза, коопсуз болушу үчүн өткөн жылы алар кандай иштерди жасады? дейбиз. Муну сандар айтып берет".

Эгерде төмөндө келтирилген деталдуу маалыматты кунт коюп окуп чыкса, Ивановка айылдык аймагынын жашоочулары коммуналдык чарбалыкка кеткен чыгашалардын көлөмүн жана эффективдүүлүгүн өздөрү эле баалай алат.

Коммуналдык чарбалыкка кеткен чыгашалардын деталдуу чечмелениши келтирилет (авторлордун кошумчасы).

***Суроолор жана жооптор***

Ивановка айылынын тургуну В.РАСУЛОВДУН суроосу: "Бюджеттин аткарылышы канча пайызды түздү?"

ФЭБ жетекчиси Р.Б.КАСИЯНОВАНЫН жообу: "Бюджеттин аткарылышы 114% түздү".

Райондук финансы бөлүмүнүн башкы адиси Ы.М.Мамбеталиеванын суроосу: "Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө канча каражат түшпөй калды?"

АӨнүн киреше сектор башчысы Ж.БАЙСЕИТОВАНЫН жообу: "Айыл чарба багытында болбогон жерге салык 84,4 миң сом сом көлөмүндө алынбай калды".

Ивановка айылынын тургуну Э.ХАЛМУРЗАЕВДИН суроосу: “Малыш” бала бакчасында канча орун бар? Биз бала бакчага башка айылдардын балдарын кабыл алабызбы?”

“Малыш” бала бакчасынын башчысы Л.В. ФРАНЦОВАНЫН жообу: “Баары болуп 117 орун бар. Кең-Булуң айылынан 6 бала, Красная речка айылынан 1 бала, калгандары Ивановка айылынан”. Алып баруучу бул суроо биз бюджеттик каражатты “чоочун” балдарга сарптап жаткан жокпузбу – мына ушуну билүү максатында узатылганын түшүндүрдү. Айылдык округдун жергиликтүү кеңеши чечим кабыл алып, ага ылайык, эгерде бала бакчада орун болсо, анда 5 миң сом демөөрчүлүк жардамы жана тамактануусу үчүн 1500 сом менен (жергиликтүү балдардын тамактануусу миң сом) башка муниципалитеттерден да балдарды кабыл алууга уруксат берилген.

Баары болуп 20га жакын суроо түштү. Протоколдо бардык суроо-жооптор, анын ичинде залдан жазуу түрүндө түшкөн суроолор да келтирилди (авторлордун кошумчасы).

Алып баруучу угуулардын жыйынтыгын чыгарды: “Биз бул жылы Ивановка ААнын жашоочуларынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусу дагы да жигердүү болот деп ишенебиз. Жамаатыбыздын түрдүү социалдык топторунун пикирлерин жана кызыкчылыктарын ачык талкуулоо аркылуу айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана айылдык кеңештин депутаттары баарына бюджеттик процессти түшүнүүгө жардам берүүгө аракеттенишет. Пикирлер жана маалымат менен алмашуу бюджетти чечимдерди биргелешип кабыл алуу үчүн негиз катары колдонууга, айыл жашоочуларынын бюджеттик процесске эч тиешеси жок деген жалган пикирди өзгөртүүгө жардам берет”.

Бюджеттик угуулардын катчысы ИВАНОВА А.

## 7-тиркеме. ЖМБА алкагында пландоо жолугушуусу тууралуу отчетунун бөлүгү катары көйгөйдү сүрөттөөнүн мисалы

1. **Катышуучулардын саны: 15**

| | |
|---|---|
| Алардын ичинен аялдар: | 8 |
| Алардын ичинен АК депутаттары: | 0 |
| Алардын ичинен АӨ кызматкерлери: | 0 |
| Жамааттар: | 15 |

2. **Артыкчылыктуу көйгөйдү сүрөттөө таблицасы**

| **Көйгөйдүн сүрөт-төлүшү** | Таза суу жетишсиздиги |
|---|---|
| **Себептер** | Суу менен камсыздоо системасына капиталдык ремонт жасалган эмес. Скважиналардын саны жана кубаттуулугу айылдын керектөөлөрүн канааттандыра албай жатат. Жаңы конуштарда суу менен камсыздоо линиялары өткөрүлгөн эмес. Таза суу сугат суу катары колдонулуп жатат. |
| **Кесепеттер:** | Айылда социалдык чыңалуу бар. Балдар, жаштар, кары адамдар арасында ичеги оорулардын саны өстү. Айылдын жеке секторлорунда туристтерди тейлөө чөйрөсүндө чакан бизнестин деңгээли түштү. |
| **Чечүү жолдору** | Капиталдык ремонт иштерин этап-этабы менен жүргүзүү үчүн жергиликтүү бюджетте каражат караштыруу. Айылдын жаңы конуштарында жаңы суу түтүк линияларын өткөрүү үчүн инвестицияларды тартуу. Таза сууну максаттуу пайдалануу тууралуу жашоочулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Ар бир короого суу ченегичтерди орнотуу. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Суу менен жабдуу системасынын ремонт иштери үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү, кошумча скважиналарды орнотуу. Инвестицияларды тартуу, калк менен иш алып баруу. Калктын таза сууну колдонуусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Жергиликтүү жамаатты мобилдештирүү: маалымдоо, бул маселени чечүү боюнча мониторинг жана баалоо жүргүзүү, калк менен иштөө. Өз ыйгарым укуктарына ылайык, бул маселени чечүүдө АӨнүн көмөгү. |
| **Жергиликтүү жамаат эмне кыла алат?** | Өз салым катары каражат чогултуу. АК чечимдерин аткаруу. Көйгөйдүн чечилишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү. Ашар иштерин аткаруу. |
| **Башкалар эмне кыла-лат/ресур-стар?** | - |

| Көйгөйдү сүрөттөө | Ички жолдордун начар абалы |
|---|---|
| **Себептер** | Ички жолдорго капиталдык ремонт жасалган эмес. Чоң таштар жолду тосуп турат. Жамгырдан кийинки жана жер алдындагы суулар жолду бузууда. Турак жай жана чарба курулмаларын курууда, бак отургузганда тургундар кызыл чекти карманышпайт. |
| **Кесепеттер:** | Машинелер кварталдарды аралап өтүп, белгилеген жерине кыйынчылык менен жетүүдө. Айдоочулардын машиненин ремонтуна жана күйүүчү майга чыгашалары көбөйдү. Тез жардам машинеси оорукчанга жете албай калган учурлар болгон. Бостери – туристтик зонанын чордону катары жагымдуулугун жоготууда. Бул болсо өз кезегинде жергиликтүү бюджетке жана жеке сектордун экономикалык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. |
| **Чечүү жолдору** | 2015-жылы жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү, ошондой эле донорлорго гранттык өтүнмө жазуу. Анализ жүргүзүү жана адис жол куруучуларды тартуу менен акт түзүү. Көп иштерди ашар жолу менен жашоочулар өздөрү деле бүтүрөт. Болгону муну уюштуруш керек. Кварталдык комитеттердин ишин күчөтүү зарыл. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Акт түзүү, анализ жүргүзүү, ремонт иштери боюнча бюджетти даярдоо, жергиликтүү бюджеттен кандайдыр бир каражат караштыруу. Жеке конок үйлөрүнүн, пансионаттардын ээлери менен сүйлөшүү жүргүзүү жолу менен атайын техниканы тартуу, демөөрчүлөрдү табуу ж.б. Жамгыр сууларын буруп кетүү үчүн арык системасын калыбына келтирүү. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Өз ыйгарым укуктарына ылайык, бул маселени чечүү боюнча АӨнүн көмөгү: жолдун ремонт иштерине каражат бөлүүнү эсепке алуу менен жергиликтүү бюджетти бекитүү. Жашоочулар менен биргелешип аракеттенүү тууралуу сүйлөшүү. АӨ менен ашар иштерин уюштуруу. Аткарылган иштерге көзөмөл жүргүзүү. |
| **Жергиликтүү жамаат эмне кыла алат/ ресурстар?** | Өз үйлөрдүн жанында ашар жолу менен жарым-жартылай ремонт иштерин жүргүзүү. Жамгыр суулары жолду бузбашы үчүн өз убагында арыктарды тазалап туруу. |
| **Башкалар эмне кыла-лат/ресурстар?** | - |

## 8-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планынын форматы

**Көйгөйдүн аталышы:** *Таштанды жыйноо жана чыгаруу иштери уюштурулган эмес*

**Кыска мөөнөттүү максат:** *XXX айылдык аймагында таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча башкарууну жакшыртуу;*

**Бенефициарлар:** *Айылдык аймактын 1000 жашоочусу*

| № | Тапшырмалар | Иш-чаралар | Жыйынтык/ көрсөткүч | Мөөнөттөр | Жооптуулар | Ресурстар/ каржылоо булактары | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | ЖБ | РБ | Донорлор | Башкасы |
| **Багыты: Инфраструктура** | | | | | | | | | |
| **1.** | **1-тапшырма.** 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү. | **1-иш-чара.** Муниципалдык ишкана катары каттоо үчүн алгачкы документтер топтомун даярдоо. | Алгачкы документтер даярдалды, анын ичинде муниципалдык ишкананын Уставы, уюмдаштырчу документтер, протокол | Сентябрь 2015 | Артыкбаев К. – АӨ башчысынын орун басары | | | | |
| | | **2-иш-чара.** Жергиликтүү жашоочулар менен муниципалдык ишкананын тапшырмаларын талкуулоо | Чогулуш өткөрүлдү/ маалымат материалдары даярдалды | Сентябрь 2015 | Артыкбаев К. – АӨ башчысынын орун басары\ДТ лидери | | | | |
| | | **3-иш-чара.** Юстициялык органдарда каттоодон өткөрүү | | Сентябрь 2015 | Айылдык кеңеште а/ч боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | | | | |